# МУНИЦИПАЛИТЕТ

**ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ** | ОКТЯБРЬ **2019** | **№ 10 (96) чыгарылышы**

Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

БУЛ САНДА:

**Редактордон**

“Муниципалитет” журналынын бул чыгарылышы сизге жакпайт ........ 2

**Көңүл чордонунда**

ДОНОРЛОРДУН ФОРУМУ: инфраструктурага инвестиция салуунун эсебинен эле аймактар өнүгүп кетпейт. Өнүгүүнү пландоо жана башкаруу системасы зарыл ........ 3

ДОНОРЛОРДУН ФОРУМУ: аймактарды өнүктүрүүнүн негизги багыттары – өнүгүү боюнча өнөктөштөр көрсөткөн колдоонун келечеги ........ 7

Аймактарды өнүктүрүү жаатындагы коркунучтар ........ 7

Колдоого муктаж болгон аймактарды өнүктүрүүдөгү артыкчылыктуу программалык багыттар ........ 10

ЖӨБ Союзу жана ӨСИ Кыргыз Республикасындагы мыйзамдардын ЖӨБдүн өнүгүүсүнө тийгизген таасири тууралуу КР Жогорку Кеңешине Баяндама даярдашты ........ 14

Баяндама эмне үчүн зарыл? ........ 14

Баяндаманын кыскача мазмуну ........ 16

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине сунуштоолор ........ 23

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштоолор ........ 24

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматына сунуштоолор ........ 24

Жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмегин ресурстарды бекитпестен кеңейтүү ........ 25

ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттардын абалына жана өнүгүүсүнө олуттуу таасирин тийгизген мыйзамдардын тизмеси, 2016-2018-жылдар ........ 27

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Нургүл Жаманкулова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***
Дизайн жана жасалгалоо
***Адил Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***
Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.
**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.
Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт.
Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

# “Муниципалитет” журналынын бул чыгарылышы сизге жакпайт

Журналдын бул жолку чыгарылышы адаттан тышкары болду. Бул чыгарылышта жергиликтүү жамааттардын жана ЖӨБ органдарынын турмушунан алынган ийгиликтүү окуяларды таба албайсыз, ЖӨБ чөйрөсүндөгү мыйзамдардагы жаңылыктар жана башка кадимки түрмөктөр да болбойт. Журналдын бул жолку саны көңүл чордонунда турган бир гана темага арналган, бир гана суроого жооп табуу аракети жасалат: КР Президенти жарыялаган Аймактарды өнүктүрүүнүн экинчи жылынын этегинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусу кандай абалда?

Коомдук мейкиндикте аймактардын өнүгүүсү дегенде бизнеске инвестиция салууну, километрдеген жолдорду курууну, суу менен камсыз болгон айылдардын санын жана башка ушул өңдүү жакшырган материалдык шарттарды өлчөгөн физикалык параметрлерди элестетебиз. Бул да маанилүү, бул да туура. Чындыгында эле эгемендик алгандан бери Кыргыз Республикасынын аймактары борбордон өзүнчө өнүгүп келген. Айрым шаарлар көрүнбөгөн элеске айланды, ал эми элеттик үйдө суу түтүгү ишке ашпаган кыял бойдон кала берген. Болгондо да мындай турмуш тиричилик көп учурда адамдын аң-сезимине да таасирин тийгизген. Кароосуз калган, бийлик унуткан аймактар өз казанында кайнап жатты: жашоочулар мүмкүнчүлүк болсо айылдан кетkенге аракет кылып, келечекке болгон үмүт жоголду. 2007-жылы “Муниципалитет” журналынын редактору мындай деп жазган эле: “Бүгүнкү күндө биздин коомдун эки бөлүгүнүн ортосунда өтө чоң менталдык ажырым бар. Биздин өлкөнүн жарандарынын бир бөлүгү XXI кылымда жашайт: учак менен каалаган жерине барып келет, электрондук почта жана видеонет аркылуу кабар алышат, бир нече чет тилди билет, тоодо лыжа тебет, тапкан акчасын корпоративдик акцияларга жана облигацияларга салат. Коомдун экинчи бөлүгү XIX кылымда болбосо да, XX кылымда кала берди: бакубаттуулугун малдын башы жана жердин сотиги менен өлчөйт, өзүнүн улуттук тобундагы тилди гана билет, аш өткөрүш үчүн алачыгын сатып, таштандынын жанында жашайт. Биринчи топко киргендердин бала-чакасы Лондондогу колледжде окусамбы, же АКШдагы университетте билим алсамбы деп башын катырса, экинчи топтун балдары окуганды үйрөнүп, жөнөкөй арифметикалык эсептерди чыгарганды жетиштүү деп эсептешет (байкасаңыз, базарда отурган жаш соодагерлер көбөйтүү таблицасын билишпейт)”[1].

Президент С. Жээнбековдун эрки менен саясий элитанын жүзү Кыргыз Республикасынын шаарларына жана айылдарына бурулду. Эки жылда чындап эле көп нерсе өзгөрдү, бери дегенде физикалык жагынан алып караганда өзгөрүүлөр болду. Ошондой эле жүздөгөн жарандарыбызда аймактардагы жашоо борбордон менталдык жана менталдык эмес ажырым менен аныкталбай калат деген үмүт пайда болду.

Иш жүзүндө өткөн эки жыл ичиндеги километраждык, акчалай, литр менен алынган жыйынтыктар башка нерселер менен өлчөнөт. Журналдын бул жолку чыгарылышынын милдети – бардык кызыкдар жарандардын назарын бир маселеге буруу: эгерде саясий эрк башка нукта өзгөрүп кетсе, аймактардын өнүгүүсүнүн жыйынтыктары жоголбошу үчүн, талкаланып, жок болбошу үчүн эмнелерди жасай алабыз? Өнүктүрүү саясат институтунун өз жообу бар: биз биринчи кезекте жергиликтүү өз алдынча башкаруу институтун жана анын кадрларын бекемдеп, башкаруу системасын өзгөртүүгө жете алышыбыз керек. Себеби жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул башкаруу системасынын адамдарга жана алар жашаган жерге эң жакын болгон бөлүгү.

Бүгүнкү күндө ЖӨБ органдары аймактардын өнүгүүсүнүн жыйынтыктары туруктуу болушу үчүн өздөрүнө жоопкерчилик алууга жөндөмдүүбү? Аларда бул үчүн жетиштүү болгон ыйгарым укуктар, нормативдик чөйрө, кадрлар, финансы, башкаруу институту жетиштүүбү? Бирок бул суроого жооп берүү үчүн олуттуу көлөмдөгү маалыматты өздөштүрүш керек. Себеби бул суроого жөнөкөй жана жалгыз жооп жок. Ар бир адам компетенциясына, жасаган ишине, түшүнүү деңгээлине жараша өзү жооп табышы керек. Ал эми бул болсо убакытты жана ой жүгүртүүнү талап кылат. Көпчүлүк жарандарга бул аракетти жасоо зарыл болбой турганы түшүнүктүү – алардын өз түйшүгү да, чечилиши керек болгон курч маселелери да толтура. Аларга журналдын бул саны кызыксыз болот, себеби мындай адамдар үчүн иштеп жаткан жана иштей турган институционалдык шарттар эмес, бийликтин ишинин жыйынтыктары кызыктуу болмок. Бирок адамдардын бир тобу бар, коюлган суроолорго жооп ошолордон өзгөчө көз каранды болот. Бул адамдар журналдын ушул чыгарылышын башынан аягына чейин окуп чыгышы керек.

Мына ушул адамдар журналдын биринчи сүйлөмүнөн акыркысына чейин калтырбай окуп чыкканга күч, убакыт жана каалоо таба алышат деп үмүттөнөбүз.

**Надежда ДОБРЕЦОВА,**
ӨСИнин башкаруу төрайымы,
“Муниципалитет” журналынын
башкы редактору

[1] “Менталдык ажырым же кыргызстандык журналистиканын жаңы миссиясы” аттуу макаладан үзүндү, Н. Добрецова, «Слово Кырызстана», 2007-ж.

# ДОНОРЛОРДУН ФОРУМУ:
## аймактардын өнүгүүсү инфраструктурага инвестициянын эсебинен эле ишке ашпайт. Өнүгүүнү пландоо жана башкаруу системасы зарыл



"Туруктуу өнүгүү үчүн реформаларды тездетүү" деп аталган жогорку деңгээлдеги өнүгүү форуму 2019-жылдын 19-ноябрында "Ала-Арча" мамлекеттик резиденциясында өттү. Форумга Кыргыз Республикасынын Президенти Сооронбай ЖЭЭНБЕКОВ, мамлекеттик органдардын жетекчилери, донордук агенттиктердин, өнүгүү банктарынын жана эл аралык долбоорлордун жогорку даражадагы өкүлдөрү катышты. Форумдун программасы Кыргыз Республикасы үчүн маанилүү болгон өнүгүүнүн беш багытын талкуулоого арналды. Алар: аймактарды өнүктүрүү жана инвестициялык климатты жакшыртуу; санариптештирүү; адам капиталын өнүктүрүү; суу ресурстарын башкаруу, климаттын өзгөрүүсү жана табигый кырсыктарды азайтуу.

КРнын биринчи вице-премьер-министри К. А. БОРОНОВ жана Азия Өнүктүрүү Банкынын Кыргыз Республикасындагы туруктуу өкүлү Кендис МАКДЕЙГАН аймактардын өнүгүүсүнө жана инвестициялык климатты жакшыртууга арналган биринчи тематикалык панелдин модераторлору болушту. Бул КР Президенти башынан аягына чейин залдан угуп отурган жалгыз тематикалык панель болду.

Талкуу КР вице-премьер-министри З. М. АСКАРОВдун "Аймактардын өнүгүүсү жана инвестициялык климатты жакшыртуу" аттуу баяндамасынан башталды. Вице-премьер-министр аймактардын өнүгүүсүнө карата төмөнкүдөй сунуштарды жана чараларды белгиледи :

- административдик-аймактык реформаны жүргүзүү;
- бюджет аралык мамилелерди өркүндөтүү;
- аймактардын өнүгүүсүнө кластердик принципти киргизүү;
- социалдык инфраструктураны реалдуу муктаждыктарга шайкеш өнүктүрүү;
- аймактарда кадрлардын потенциалын жогорулатуу, кызмат көрсөтүүлөрдү жана жер ресурстарын эффективдүү башкаруу;
- бизнес менен жергиликтүү бийлик ортосундагы диалогдун механизмдерин иштеп чыгуу.

Талкууну Борбор Азия боюнча реконструкциялоо жана өнүктүрүүнүн Европа банкынын аймактык директору Нил МАККЕЙН улантты. Директор Кыргызстанга чет өлкөлүк инвесторлор жапырт келет деп күтүп отура бербестен, ички инвестициялар



үчүн шарттарды түзүп берүүнү сунуш кылды. Андан соң GIZ уюмунун Борбор Азиядагы экономикалык өнүгүү боюнча улук эксперти Асель Узагалиева жана КР Өкмөтүнүн Нарын облусундагы Ыйгарым укуктуу өкүлү Эмилбек АЛЫМКУЛОВ аймактарда ресурстарды мобилдештирүүнүн жана ички инвестицияларды тартуунун мисалдарын келтиришти. КРнын Эл аралык ишкерлер кеңешинин аткаруучу директору Аскар СЫДЫКОВ инвестициялык жамааттын президентке берген негизги сунуштарын санап берип, ички жана чет өлкөлүк инвесторлордун үмүттөрү окшош болгонун белгиледи. Ошондой эле баяндамачы децентралдаштырууга карата мамилени кайра карап чыгууну сунуш кылды. Ал жер-жерлерде башкаруунун кайсы бөлүгү менен иштеш керектигин инвесторлор так билбей жатканын белгиледи: мамлекеттик органдар мененби, же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мененби – бул так белгилүү болбой жатат.

Панелдин дагы бир баяндамачысы Өнүктүрүү саясат институтунун башкаруу төрайымы, “Муниципалитет” журналынын башкы редактору Надежда ДОБРЕЦОВА болду. Форумдун катышуучуларынын ичинен жалгыз гана ДОБРЕЦОВА аймактардын өнүгүүсүнө бут тосуп жаткан башкаруудагы системалуу көйгөйлөргө аудиториянын көңүлүн бурду. Дискуссиянын модератору Кэндис МАКДЭЙГАН узаткан суроолорго Н. ДОБРЕЦОВАнын жооптору мындайча болду:

### Улуттук жана жергиликтүү бийлик органдары өздөрүнүн жергиликтүү жана аймактык өнүгүү пландарын кантип даярдашат? Бул пландарды алар кантип координациялайт жана Улуттук өнүгүү стратегиясы менен кантип макулдашууда?

Бул суроо мага катышуучулардын назарын бир маселеге бурууга мүмкүнчүлүк берип жатат: аймактардын өнүгүүсүндөгү фундаменталдык көйгөй – коомдук бийлик институттарынын чабалдыгы. Бул чабалдык кетирилип жаткан бир топ каталардан улам билинүүдө. Менин баамымда, алардын ичинен негизгиси – пландоо системасынын жоктугу.

Ондогон мамлекеттик программалар жана 484 жергиликтүү өнүгүү программасы пландоо системасында өтө чоң башаламандыкка себеп болууда. Иш жүзүндө пландоо системасы деле жок. Эгемен мамлекетти түптөй баштагандан бери биз совет мезгилиндегидей Мамплан өңдүү структурадан баш тартканбыз. Бирок мунун ордуна эч нерсе түзө алган жокпуз. Биз рынок экономикасы “көрүнбөгөн колу менен” [1] өзү эле баары үчүн бардыгын пландап коёт деп божомолдогонбуз. Бирок убакыт көрсөткөндөй, мындай үмүт акталган жок, эч кандай өзүнөн өзү комплекстүү пландоо болуп кеткен жок. Азыр болсо пландоонун уюштурулган системасынын жоктугу структуралык, тамыр жайган көйгөйгө айланганы белгилүү болду. Биринчи кезекте мунун далили – мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдары ортосунда тигинен жана ЖӨБ органдарынын өздөрү менен аймактар ортосунда түзүнөн өз ара байланыштын механизмдери жок. Мындан тышкары мейкиндикти пландоо да жок – башка пландарды жана программаларды айтпай эле коёлу, Кыргызстанда атүгүл Улуттук өнүгүү стратегиясынын картографиялык көрүнүшү жок. Башкача айтканда, биз өз келечегибизди пландоо системасы аркылуу да, визуалдык түрдө да, карталардын жана схемалардын жардамы менен да элестете албайбыз.



Эмне кылыш керек? Жооп даяр: социалдык-экономикалык жана мейкиндикти пландоону бириктирген, башкаруу органдарынын өз ара пландарын жана иш-аракеттеринин иерархиясын түзгөн комплекстүү пландоо системасын түзүш керек.

Социалдык-экономикалык пландоого карата ушул тапта санариптештирүүнүн улуттук саясатынын алкагында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинен баштап маалыматтарды чогултуу жана анализдөө системасын түптөөгө чейин уникалдуу мүмкүнчүлүк пайда болду. Улуттук статистика комитети жана ЖӨБЭММА “Санарип аймак” Долбоорунун алкагында муниципалитеттер боюнча дайындар базасын түзүүгө киришти. Алар “чарба китебин” (же үй кожолуктар тууралуу маалыматтарды эсепке алуу китебин) санарип маалыматтардын комплексине айландырууда. Бул комплекс аймакта жашаган элдин жыйындысы катары муниципалитеттин жалпы социалдык-экономикалык абалын

[1] Көрүнбөгөн кол - XVIII кылымдын соңунда, XIX кылымдын башында жашаган шотландиялык философ Адам Смиттин метафорасы. Ал жакшы коомдук тартип индивиддер жасаган жоруктардын атайын эмес кесепети катары пайда болгон принципти билдирет. XIX кылымдын этегинен тартып “көрүнбөгөн кол” образы суроо-талап менен сунуштун ортосундагы теңдикке жетүүнүн, ресурстардын оптималдуу бөлүштүрүлүшүн камсыз кылуунун рыноктук механизмдериндеги тенденцияларды аныктоо үчүн колдонула баштаган. Буга рыноктук либерализм менен пландуу экономиканын жигердүү карама-каршылыгы шарт түзгөн. “Рыноктун көрүнбөгөн колу” термини XX кылымдын 90-жылдары өтө белгилүү болчу. Бул мезгилде жаңы постсоветтик өлкөлөр чет өлкөлүк консультанттардын колдоосу алдында өзүнүн пландуу экономикасын активдүү түрдө талкалай башташкан. Ал маалда саясатчылар коомго “рыноктун көрүнбөгөн колу” пландуу экономиканы алмаштырып, баарын өсүп-өнүгүүгө жеткирет деп убада беришкен эле.

да, ошол аймактагы эл үчүн жергиликтүү маанидеги маселелерди чечип берген башкаруу органынын абалын да сүрөттөйт. Бул биринчи гана кадам. Андан соң аналитикалык моделди түзүү зарыл. Бул модель чогултулган маалыматтардын негизинде өнүгүүнү башкарууга, түзөтүүлөрдү киргизүүгө, келечектин ар кандай сценарийлерин курууга жол ачат. Дүйнөлүк банктын колдоосу менен (АРИС аркылуу) пландоонун математикалык аналитикалык модели даярдалууда. Бул модель маалыматтарды ЖӨБдүн деңгээлинде киргизүүгө шарт түзөт. Мисалы, инвестициялар тууралуу маалыматтарды киргизип, соңунда кандай болоору көрүнүп турат. Айталы, эгерде 2020-жылы Көк-Жар айылдык аймагында ирригацияга 100 млн. сом инвестиция салса, беш жылдан кийин бул аймакта өндүрүш жылына 15 миллион сомго өсөт, элдин кирешеси жылына 7 миллион сомго көбөйүп, 40 жумуш орун түзүлүп, 20 жаңы үй курулат. Маалыматтарга негизделген жана математикалык болжолдорго таянган комплекстүү пландоо инвестициялардын натыйжалуулугуна жана эффективдүүлүгүнө мына ушундай баа берет.

Башкаруу деңгээлдерин бири-бири менен байлап, мамлекеттик саясат менен жергиликтүү деңгээл ортосундагы ажырымды жоготуш үчүн пландарда катуу иерархия болушу керек. Мында улуттук деңгээлдеги пландар төмөн жактагы пландарга стратегиялык тапшырмаларды жана чектөөлөрдү коёт. Бул чектөөлөр, мисалы, климаттын өзгөрүүсүнө, суу балансын башкарууга, таштандыга жана жаратылыш ресурстарын колдонууга байланыштуу болушу мүмкүн. Иерархия ар бир деңгээлдеги пландарды түзүү үчүн зарыл болгон баштапкы маалыматтар менен эки тараптуу алмашууга жол ачышы керек. "Төмөндөн жогору карай" багытында жергиликтүү пландар аймактардын кызмат көрсөтүүлөргө жана инвестицияларга муктаждыктарын тармактык министрликтердин пландарына өткөрүп берүүгө тийиш. "Жогорудан төмөндү карай" багытта мамлекеттик пландар муктаждыктарды бириктирүүгө тийиш.

Бул кандай иштеши керектигин социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруунун мисалында карап чыкса болот. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы №221 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Улуттук өнүгүү стратегиясын ишке ашыруунун орто мөөнөттүү этабынын (2018-2023-жылдары) биринчи кезектеги кадамдарында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин "2019-жылды Аймактарды өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы катары жарыялоо жөнүндө" Жарлыгында аймактарда социалдык кызмат көрсөтүүнү уюштуруу боюнча ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына өткөрүп берүү сунуш кылынган. Бул социалдык кызмат көрсөтүүлөр интернаттык мекемелерге альтернатива болуп берет деп каралган. ЖӨБ органдары оор турмуштук кырдаалда турган үй-бүлөлөргө жана балдарга социалдык жардам көрсөткөн, жоопкерчиликтүү ата-эне болгонду үйрөткөн, кары-картаңдар, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар жана балдар күндүз бара турган борборлорду ачуу жолу менен кызмат көрсөтүүнү жеткире алышат. Бирок бул иштер өтө жай жасалып жатат. Себеби башкаруу органдары тарабынан инерциялык каршылык көрсөтүлүүдө. Атүгүл, социалдык кызмат көрсөткөн кандайдыр бир мамлекеттик борборлорду куруу өңдүү мурдагыдай ыкмаларды колдонуу сунушталып жатат. Башкача айтканда, мамлекеттик орган башкаруу системасындагы кемчиликтерди көрмөксөнгө салып, инфраструктура куруш керек деген эскичил көз карашты кармануууда. Бирок бул маселеде ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен ЖӨБ органынын пландары менен маалыматтары ортосунда жетиштүү байланыштын жоктугу иштин илгерилебей жатканынын негизги себептеринин бири. Албетте, башка да себептер бар. Мисалы, маморгандар түз таасир тийгизе албай калуудан, ыйгарым укуктардан жана ресурстардан ажырап калуудан коркушат. Бирок бул коркуу сезими толук маалыматтын жоктугунан жана пландалган келечекти так элестете албагандыктан пайда болууда. Иш жүзүндө өкмөт ар бир айылда социалдык кызмат көрсөткөн борборлорду кура албай турганы талашсыз. Ошол себептен ЖӨБ органдары өз пландарында социалдык кызмат көрсөтүүгө болгон муктаждыкты далилдей алышы керек. Алар мындай муктаждыкты мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдын планына киргизүүгө жетише алышы абзел. Өз кезегинде маморган ЖӨБ органдарына тийиштүү ыйгарым укуктарды жана ресурстарды өткөрүп берип, бул кызмат көрсөтүүнү жергиликтүү бийликтин колу менен ишке ашырууга тийиш.

Мейкиндикти пландоодо биз этеги көрүнбөгөн пландарды жана өнүгүү стратегияларын түзгөнгө көнүп калганбыз. Бирок өзгөрүүлөр сөз менен сүрөттөлбөшү керектигин жана мындай мүмкүн да болбогонун түшүнүшүбүз керек. Биз иш жүзүндөгү абалды жана күтүп жаткан жыйынтыкты карталардын жана схемалардын жардамы менен көз алдыбызда элестете алышыбыз керек. Бул карталар жана схемалар өзгөрүүлөрдүн натыйжасында келечекте боло турган жыйынтыкты, биз өлкөнү



кандай көргүбүз келсе, ошону чагылдырып берет. Биздин колубузда бир гана план бар. Бул – калктуу конуштардын башкы пландары. Бирок бул план да бардык эле шаарларда боло бербейт. Башкы планы бар элеттик муниципалитеттер саналуу гана. Мейкиндикти пландоо системасын түзүүнүн алгачкы кадамы – өндүрүүчү күчтөрдү ар кайсы жерге жайгаштыруу боюнча улуттук мейкиндиктик схеманы түзүү, мейкиндикти пландоонун аймактык жана жергиликтүү деңгээлдерин киргизүү.

Ошондой эле пландоонун объекттерин да өзгөртүш керек. Райондордун жана облустардын административдик чек арасы буга чейин эле бөлүштүрүлгөн. Буга кошумча өз алдынчалуулук эйфориясынын эпкини менен түзүлүп калган көптөгөн майда муниципалитеттер да бар. Мына ушулардын баары пландоонун түрдүү деңгээлиндеги чөйрөлөрүнө бириктирилип, кайра түзүлүшү керек. Бирок бул администрациялык чек аралардын реформасын чукул арада жасаш керек дегенди билдирбейт. Адегенде аймактык жана жергиликтүү маанидеги пландоонун чөйрөлөрүн аныктап алуу зарыл. Бул үчүн өнүгүүнүн иш жүзүндөгү потенциалына, учурда бар болгон жана келечекте боло турган ички регионалдык жана тышкы байланыштарга таяныш керек. Пландоо чөйрөлөрүн администрациялык чек араларды кайра түзүп чыкпастан эле өкмөттүн чечими менен киргизсе болот. Пландоо системасы администрациялык-аймактык реформа үчүн пайдубалды түптөй алат. Реалдуу маалыматтардын, пландоо моделинин жана мейкиндиктик схемалардын негизинде гана биз болочок администрациялык чек аралар кандай болушу керектигин көрө алабыз. Ал эми азырынча биз ирилештирүүнүн зарылчылыгы тууралуу абстрактуу түрдө гана сөз кылып жатабыз. Биз кимди, эмне үчүн ирилештириш керектигин түшүнө албай турабыз.

## Көп жакшы өнүкпөгөн аймактарды алга сүрөө үчүн өкмөт улуттук ресурстардын акыйкат бөлүштүрүлүшүн кантип камсыздай алат?

Ресурстарды аймактардын ортосунда акыйкат бөлүштүрүп, эч ким артта калбашы керек деген өнүктүрүү принциптерин сактоо үчүн биз бул аймактардын муктаждыктарын жакшы түшүнүп алууга тийишпиз. Бул маселени жергиликтүү, аймактык жана улуттук деңгээлдерде түзүлгөн пландардын иерархиясы чече алат.

Бюджеттик ресурстарды жана мамлекеттик инвестицияларды бөлүштүрүү практикасы кайра каралып чыгышы керек. Айталы, капиталдык салымдарды пландоо да комплекстүү пландоо системасына, анын аймактык бөлүгүнө байланууга тийиш. Ошондой эле инфраструктура коомдун жана бизнестин келечекте пландалып жаткан муктаждыктарына шайкеш кантип өнүгөт деген комплекстүү деңгээлдеги ой жүгүртүү болушу абзел.

Теңдештирүү формуласы да кайра каралып чыгышы керек. Бул тууралуу көптөн бери эле сөз болуп келатат. Бирок азырынча эч ким эркин көрсөтүп, бюджеттик камсыздалгандыкты теңдештирүү системасын кайра карап чыга элек. Натыйжада атүгүл коомдук кызмат көрсөтүүлөрдү жана инфраструктураны каржылоодо бир гана облустун чегинде өтө чоң айырма келип чыгууда. Мисалы, Аламүдүн районундагы айылдык аймактарда бир адамга ТКЧ 1216 сомго каржыланат. Ал эми Панфилов айылдык аймагында бул үчүн 109 сом гана же 11 эсе аз каражат бөлүнөт. Ак-Талаа районундагы аймактарда социалдык коргоого бөлүнгөн каражат – бир адамга 221 сомду түзөт, Кадамжай жана Манас райондорунда болсо, бир адамга 10 сом гана же 22 эсе аз бөлүнөт. Өсүш башаты катары аныкталган шаарларда деле кырдаал чеке жылыткан жок.

Республикалык жана жергиликтүү бюджеттер ортосунда салыктарды бөлүштүрүү маселесине терең ой жүгүртүү менен мамиле жасаш керек. Бул багытта жылыш бар. Айталы, жакында эле жергиликтүү бюджеттерге киреше салыгынын 100% өткөрүлүп берилген. Бирок жакыр жашаган аймактардын басымдуу бөлүгүнүн финансылык абалына бул эч кандай таасирин тийгизбейт. Себеби мындай аймактарда киреше салыгын ала тургандай бизнес деле жок. Ошондой эле киреше салыгы сатуудан алынган салыкты жокко чыгаруунун натыйжасында аймактар жоготкон акчанын ордун толуктай алган жок. Жалпысынан жергиликтүү бюджеттердин өсүш темпи байкалган жок. Бириктирилген бюджетте жергиликтүү бюджеттердин үлүшү да көбөйбөй жатат.

Аймактардын тең салмактуу өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн бюджет аралык мамилелер муниципалитет менен өкмөттүн ортосунда макулдашуу процессинин предметине айланышы керек. Капиталдык салымдарды теңдештирүүнүн, салыктарды бөлүштүрүүнүн тийгизип жаткан таасири мына ошол макулдашуунун предмети болууга тийиш.

Ресурстарды аймактар ортосунда пландап, бөлүштүрүү системасы мамлекеттин милдети болгонун моюнга алуу зарыл. Жеке сектор бул ишти жасай албайт. Инвестицияларды көбөйтүү, кластерлерди түптөп, өнүктүрүү багытында көп жумуш жасай алабыз. Бирок эгерде коомдук бийлик институттары өзүнүн системалык милдеттерин аткара албаса, анда бул күч-аракеттер текке кетет, бардык өзгөрүүлөр туруктуу боло албайт. Донорлордун инфраструктурага жасаган инвестицияларынын басымдуу бөлүгү жөн эле кумга сиңген сууга окшоп жатканын тана албайбыз. Себеби институттар түптөлгөн эмес, башкаруу системасы жолго салына элек. Ал эми башкаруу пландоодон башталат эмеспи. Ошондуктан комплекстүү пландоо системасы болбосо, башкаруу да, аймактардын өнүгүүсү да мүмкүн болбойт.

# ДОНОРЛОРДУН ФОРУМУ: аймактарды өнүктүрүүнүн негизги багыттары – өнүгүү боюнча өнөктөштөр көрсөткөн колдоонун келечеги

***"Туруктуу өнүгүү үчүн реформаларды тездетүү" деп аталган жогорку деңгээлдеги өнүгүү форумунда Биргелешкен алкактык документ сунуш кылынды. Бул Форум 2019-жылдын 19-ноябрында Кыргыз Республикасынын Президенти Сооронбай ЖЭЭНБЕКОВдун катышуусу менен өткөн. Биргелешкен алкактык документти Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Өнүгүү боюнча өнөктөштөрдүн координациялык кеңеши жана тармактык документтерди иштеп чыгуу үчүн түзүлгөн биргелешкен жумушчу топтордун мүчөлөрү даярдашкан[1].***

***"Муниципалитет" журналы бул документ жалпысынан жогорку сапатта даярдалганын, анда сөз болгон коркунучтар жүйөлүү, ал эми сунуштар тең салмактуу болгонун белгилейт. Бирок артыкчылыктуу катары тандалып алынган кластерлерди өнүктүрүүнүн багыттары экономика чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын орто мөөнөттүү чараларынын бири катары гана каралса болоорун белгилейбиз. Институттарды бекемдөө жана каржылоону өркүндөтүү боюнча чаралар системалуу таасирге ээ. Ошондуктан ал мамлекет үчүн да, өнүгүү боюнча өнөктөштөр (донорлор) үчүн да жогорку даражадагы приоритет катары каралууга тийиш.***

***"Муниципалитет" журналы назарыңызга аймактардын өнүгүүсүнө арналган бул документтин үзүндүлөрүн сунуш кылат.***

## Аймактык өнүгүү жаатында учурдагы коркунучтар[2]

Аймактык өнүгүүдө көп тармактуу, көп деңгээлдүү жана көп максаттуу (социалдык, экономикалык, экологиялык) стратегиялар болушу керек. Кыргызстандын регионалдык өнүгүүсүндө бир нече негизги чакырыктар бар. Алар төмөнкүлөргө байланыштуу болууда: аймактарда экономиканын жана жеке сектордун өнүгүүсүнүн чектелүү болушу, ошондой эле аймактарды өнүктүрүүгө дем берип, колдоо көрсөтүү үчүн каржылоонун системалуу механизмдеринин жоктугу.

Бул тапшырмаларды аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын 2018-2022-жылдарга Аймактык саясат боюнча концепциясында өсүш башаты катары көрсөтүлгөн 20 шаар аныкталган. Бул шаарлар аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн кыймылдаткычы болуп беришет. Бул саясатты ишке ашыруу мурдагыдай эле бир катар көйгөйлөр менен байланыштуу болууда. Мисалы, өсүш башаттары түрдүү экономикалык өндүрүштүк кластерлерди түзүү үчүн негиз болуп бериши керек. Ушул тапта чийки затты алып чыгып кайра иштеткенге чейинки, маркетинг жана сатууга чейинки нарктын чынжырчасын камтыган, интеграцияланган өндүрүштүк кластерлер Бишкек шаарында жана Чүй облусунда гана түзүлгөн. Мындан тышкары өсүш башаттары жана экономикалык кластерлер үчүн жагымдуу шарттар болушу керек. Бул шарттар муниципалитеттердин, шаарлардын, облустардын жана борбордук бийлик органдарынын деңгээлинде сапаттуу мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр болгон учурда түзүлөт. Бул түрдүү муниципалитеттердин өсүш башаттарында жана кластердик чөйрөдөгү координациялоо жана кызматташтык маселелерине байланыштуу. Ошондой эле эффективдүү кызматтарды көрсөтүү үчүн бийликтин түрдүү деңгээлдеринин жоопкерчилиги, потенциалы жана каржысы тууралуу сөз болууда. Мунун баары жагымдуу ишкер чөйрөсүн жана инвестициялык климатты камсыз кылуу максатында зарыл. Түрдүү аймактар жана муниципалитеттер ортосунда өндүрүштүк активдерди, мамлекеттик жана жеке инвестицияларды бөлүштүрүүдө кирешеге, теңсиздикке жана дисбаланска байланышкан өлкө деңгээлиндеги кошумча маселелерге анализ жүргүзүп, зарыл болгон чараларды кабыл алуу менен чечсе болот.

Жогоруда айтылгандардан улам кийинки бөлүмдөрдө аймактардагы экономикалык кластерлердин өнүгүүсүнө, регионалдык өнүгүүнүн институционалдык механизмдерине жана аймактык өнүгүүнү каржылоо механизмдерине тиешелүү болгон кырдаалга жасалган анализди сунуш кылабыз.

[1] Форум жана андагы материалдар Азия Өнүктүрүү Банкынын, Европа Биримдигинин, Швейцария Конфедерациясынын Кыргыз Республикасындагы элчилигинин, БУУнун Кыргыз Республикасындагы системасынын жана GIZ аркылуу Германия Федеративдик Республикасынын финансылык колдоосу менен даярдалды.

[2] Биргелешкен алкактык документтин 18-21-беттери.

## Аймактарда кластерлердин өнүгүүсү

**Мамлекет менен жеке сектордун ортосундагы кызматташтык жолго салынышы керек.** Бул көйгөй майда дыйкандардан жана жеке ишкерлерден, чакан жана орто ишканалардан баштап, ири компанияларга чейинки бардык субъекттерди камтыйт. Бул көйгөй өсүш башаттарынын жана экономикалык кластерлердин стратегиялык өнүгүүсүнө бут тосушу ыктымал. Бизнести өнүктүрүү жана аймактык платформаларга, бизнес кызматтарын көрсөткөн борборлорго инвестиция салуу чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү көрүп жаткан чаралар жер-жерлерде бизнестин бардык эле муктаждыктарына жооп бере бербейт. Мындан тышкары татаал бюрократиялык жолжоболор жана коррупциялык тобокелчиликтер бар. Мунун айынан айрым ишкерлердин мамлекеттик институттарга карата мамилеси тескери болууда, алар мамлекет менен кандайдыр бир кызматташтыкты түзүүнү каалабай жатышат.

**Аймактарда өндүрүштүк-сатуучу чынжырчалардын өнүгүүсүнө жараша колдо болгон кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу үчүн мүмкүнчүлүктөр бар.** Өндүрүштүн жана кайра иштетүүнүн инновациялык технологияларын толук кандуу колдонуу максатында жеке сектор үчүн негизги жогорку кесипкөй консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү андан ары өнүктүрө берүү зарыл. Бул кызмат көрсөтүүлөр – ветеринардык колдоо көрсөтүү, кайра иштетүү, логистика, техникалык консультациялар, тестирлөө жана сертификациялоо, кредиттөө, маркетинг жана башкалар. Антпесе, азыркыдай абалда жеке компаниялар жаңы рынокторго кире албай, бул көрүнүш продукцияны сатууга, аны кайра иштетүүгө, сорттоого жана таңгактоого таасирин тийгизип жатат. Жеке соода жана кайра иштетүүчү инфраструктура (мал союлчу, жер-жемиш сактоочу жайлар, соода жана логистикалык борборлор ж.б.) өндүрүштүк-сатуучу чынжырчаларга жалпы анализдин негизинде өнүкпөй жатат. Мындай анализди аймактардагы колдо болгон же өнүгүп келаткан өндүрүштүк жана кластердик борборлордун айланасында жеке бизнес менен өнөктөштүктө жүргүзүш керек.

**Жолдорго, ирригацияга, энергия жана суу менен жабдууга байланышкан инфраструктуралык чектөөлөр, тийиштүү маалыматты алууда тоскоолдуктар (мисалы, мыйзамдар, субсидиялар, экспорттук мүмкүнчүлүктөр) бизнестин өсүшүнө жол бербей жатат.** Колдо болгон өндүрүштүк жана социалдык инфраструктура дайыма эле эффективдүү колдонула бербейт, кээде зоналандыруу жана жер түзүү эрежелерин да бузуп жатат. Шаарлардын өнөр жай зоналарында өнүгүү үчүн шарттар болгону менен, энергетикалык кубаттуулуктун тартыштыгы байкалышы мүмкүн. Ошол эле маалда бизнестин басымдуу бөлүгү борбор калаада да, облустук борборлордо да топтоло бергендиктен өндүрүш факторлорунун баасы өсүп, жер участоктору тартыш болуп жатат.

**Улуттук стратегияларды жана программаларды даярдап жатканда жеке сектордун жана жергиликтүү өндүрүштүн абалы жетиштүү деңгээлде эсепке алынбай жатат.** Азыркы стратегиялар жана программалар аймактардын экономикалык өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү боюнча ыкмаларды жана чараларды сүрөттөйт. Мындай документтер адатта “жогорудан төмөн карай” деген принцип менен иштелип чыгат. Кээде жеке сектордун жана жергиликтүү өндүрүш факторлорунун иш жүзүндөгү муктаждыктары көп жакшы эсепке алынбай калууда. Ошентсе да улуттук стратегиялык документтерде өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө жеке сектор канчалык маанилүү болгону белгиленип келет. Өндүрүштүк кластерлердин органикалык түрдө өсүшүнө азыркыдан бир кыйла олуттуу колдоо көрсөтүш керек. Алар жергиликтүү жамааттардын жана/же калктын аярлуу катмарынын муктаждыктарын жана артыкчылыктарын чагылдырууга тийиш. Мындан тышкары айрым программалар өлкөнүн экономикасы атаандаштык артыкчылыктарга ээ болгон рыноктордун улам өзгөрүп турган талаптарын, мүмкүнчүлүктөрүн жана чектөөлөрүн ойдогудай деңгээлде эсепке албай жатат. Чакан жер ээлеринин жана дыйкандардын тең укуктуулугун, аларга карата адилет мамиле жасоо маселесин көтөрүп чыгуу үчүн кошумча мамлекеттик колдоо зарыл болууда. Бул процесске тартылган башкаруу органдарынын функциялары/жоопкерчилиги жана өз ара байланышы азыркыга салыштырмалуу тагыраак болушу керек.

Алдыңкы практика көрсөткөндөй, регионалдык экономикалык өнүгүү жеке сектордун муктаждыктарын чагылдырган, улам өзгөрүп турган, оор рынок шарттарына көнүү үчүн ийкемдүү шарттарды сунуш кылган стратегияларга таянууга тийиш. Бул стратегиялар мамлекеттик жана жеке сектордун субъекттерине жаңы рынокторго чыгуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү тартуулайт. Ошондой эле атаандаштыкты жогорулатат жана экономикалык кластерлердин өнүгүү ыктымалдуулугун арттырат.

## Институционалдык механизмдер

**Мамлекеттик башкаруунун институционалдык механизмдери жана структуралары аймактарды өнүктүрүү жаатындагы күч-аракеттерге колдоо көрсөтүү үчүн азырынча күчтүү боло албай жатат**. Аймактардын эффективдүү жана туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу максатында анын экономикалык өңүттөрүн пландап алыш керек. Ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу системаларынын райондук, облустук жана борбордук администрациялар менен өз ара байланышын аныктап, макулдашып алуу зарыл. Бул үчүн өкмөттүн ичиндеги мамилелердин эффективдүү

системасын түзүп, компетенттүү жергиликтүү өз алдынча башкарууну камсыз кылуу абзел.

**Мындан кийинки ролдорду жана милдеттенмелерди тактап алуу зарыл.** Аймактарды өнүктүрүүгө байланышы бар түрдүү тармактар үчүн жооп берген бир нече мамлекеттик орган бар. Бирок алардын ортосундагы координациясы жакшыртса болот. Мамлекеттик жана муниципалдык бийлик органдарынын милдеттери жана функциялары так бөлүштүрүлгөн эмес. Бул болсо маалымат алмашууда маселе жаратып, иштерди кайра кайталап жасоого шарт түзүшү ыктымал. Ошондой эле мыйзамдарда айрым кемчиликтерден улам зарыл болгон тапшырмаларды аткарууда чектөөлөр болушу мүмкүн.

**Мамлекеттик пландоону жергиликтүү пландоого шайкеш келтирүү оор тапшырма бойдон кала берүүдө.** Мамлекеттик пландоону жергиликтүү пландоого шайкеш келтирүү процесси өтө оор болууда жана так координациялоодон көз каранды болуп жатат. Мамлекеттик органдар улуттук деңгээлде иштеп чыккан программалар ЖӨБ органдары даярдаган жергиликтүү социалдык-экономикалык өнүгүү программаларына дайыма эле шайкеш келе бербейт. Мындан тышкары муниципалитеттерге жергиликтүү социалдык-экономикалык өнүгүү пландарында борбордоштурулган тармактык жана аймактык программалардын максаттарын чагылдыруу оңой болбой жатат. Себеби бул программаларды ишке ашыруунун айрым механизмдери, каражаттар жергиликтүү деңгээлде болбой жатат. Маалыматтардын негизинде социалдык-экономикалык жана аймактык пландоонун заманбап ыкмаларын колдонуу үчүн талаптагыдай билим жергиликтүү бийлик органдарында жок. Атүгүл улуттук деңгээлде да маалыматтарга негизделген пландоо жана болжолдоо үчүн модель ушул кезге чейин жок. Мындан тышкары бардык деңгээлдерде пландоо негизинен инфраструктуралык долбоорлорду “жогорудан төмөн карай” ишке ашырууну караштырат. Мындай учурда жергиликтүү муктаждыктарга жана артыкчылыктарга дыкат анализ жасалбай калууда. Жүздөгөн муниципалитеттер менен өкмөт ортосунда диалогду жана өз ара аракеттенүү механизмдерин жүзөгө ашыруу үчүн системалуу платформа азыркы учурда жокко эсе. Бул механизмдер жергиликтүү жана аймактык деңгээлдерде бюджеттик жана стратегиялык пландоону жеңилдетип, координациялоого шарт түзмөк.

**Бийликтин жергиликтүү өкүлчүлүктүү органдарынын отчеттуулугу. Мыйзамдарга ылайык, жергиликтүү бийлик органдары менен калктын ортосундагы өз ара мамилелер ачык-айкындуулукка жана отчеттуулукка негизделүүгө тийиш.** Иш жүзүндө болсо жергиликтүү бийлик органдары жарандык көзөмөлдү камсыз кылбай эле иш алып барууда. Жергиликтүү кеңештердин депутаттары өз электораты алдында отчет берүү канчалык маанилүү болгонун баамдай албай жатышат. Бул болсо өз кезегинде алардын өз милдеттерин аткаруу үчүн жоопкерчилигин азайтууда. Жарандар, өзгөчө аялдар, ички мигранттар, этностук азчылыктар жана калктын башка аярлуу катмарлары жергиликтүү лидерлерди маанилүү маселелерди чечүүгө, жамааттын турмушундагы чечимдерди кабыл алууга көп жакшы тарта албай жатышат.

**Бюджет аралык мамилелердин учурдагы системасын аймактардын өнүгүүсү жана жергиликтүү башкаруулар үчүн жакшыртууга болот.** Азыркы теңдештирүү системасы жергиликтүү бийлик органдарын кирешени көбөйтүүгө шыктандырган жок. Себеби кирешени канчалык көбөйтсө, республикалык бюджеттен алынган теңдештирүүчү грант ошончолук кыскарат. Ошентип, салык төлөмдөрүнүн көбөйүшү жергиликтүү бюджеттин аймакты өнүктүрүүдөгү артыкчылыктуу маселелерин чечүүгө, жеринде кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртууга же жамааттын артыкчылыктуу маселелерин чечүүгө кеткен чыгымдарын реалдуу түрдө көбөйтпөйт. Мындан тышкары теңдештирүү формуласынын ачык-айкындуулугунда айрым бир кыйынчылыктар бар. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында да, коомчулукта да теңдештирүүчү грант кантип түзүлөрү тууралуу толук маалымат жок. Бул болсо коррупциялык тобокелчиликтерди көбөйтүп, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өзүнүн бюджетин сапаттуу түзүүгө тоскоол болуп жатат. Атүгүл, ЖӨБ органдары мамлекеттик структуралар өткөрүп берген функцияларды аткарууга адам жана финансы ресурстарын да бөлүштүрүшү керек. Маморгандар бул функцияларды адатта республикалык бюджеттен талаптагыдай каржылоо бөлбөй эле өткөрүп беришет. Мындай көрүнүш ЖӨБ органдарынын өзүнүн милдеттүү функцияларын аткаруу жөндөмүнө терс таасирин тийгизиши ыктымал. Мындан тышкары жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмеси барган сайын эле кеңейүүдө, ал эми ушундай кошумча тапшырмаларды аткаруу үчүн аларды каржылоо схемаларына түзөтүүлөр киргизилбей жатат.

**Аймактардын өнүгүүсүн колдоо үчүн кызмат көрсөтүү жана жергиликтүү деңгээлде жеке секторду өнүктүрүү азыркыдан бир кыйла эффективдүү болууга тийиш.** Мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын ортосундагы функциялардын азыркыдай бөлүштүрүлүшү бир көрүнүштү жаратты: аймактардын өнүгүү жаатында башкаруу деңгээлдери менен структуралар ортосунда жоопкерчилик ар башкача кабыл алынууда. Аймактардын эффективдүү өнүгүүсүндө дагы бир көйгөй – учурда административдик-аймактык түзүм 453 айыл өкмөтүнөн жана 31 шаардан турат. Бул шаарлардын көлөмү да, потенциалы да ар кандай. Мындан тышкары кадрлардын төмөн

потенциалы жана бир жерде көпкө кармалбаганы да ЖӨБ органдарына аймактарды стратегиялык, комплекстүү өнүктүрүүгө бут тосуп жатат. Кадрлардын бир жерде көпкө кармалбай, орун которуштуруусуна аймактарда маянанын аздыгы жана турмуш шарттын начардыгы себеп болуп жатат. Ошондой эле ЖӨБ органдарына жеке сектор менен эффективдүү байланыш түзүү үчүн тажрыйба же механизмдер жетишсиз болууда. Таза суу менен жабдуу түзүмү өндүү муниципалдык ишканалар адатта эффективдүү иштеп кете албай, пайда таппай калууда.

### Каржылоо механизмдери

**Каржылоонун азыркы механизмдери аймактарды өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү максатында стратегиялык инвестицияларды жүзөгө ашырууга жол бербей жатат.** Аймактардын өнүгүүсү жеке сектор көтөрүп чыккан демилгелерден көз каранды болот. Бирок өсүү жолунда олуттуу тоскоолдуктарды жеңүү үчүн өкмөттүн колдоосу да талап кылынат. Мындай тоскоолдуктар – жергиликтүү инфраструктуранын, базар объекттеринин, бизнести колдоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн, каржылоонун, жагымдуу саясий чөйрөнүн жоктугу.

**Аймактарды өнүктүрүү фонддорунун ортосунда олуттуу теңсиздик байкалууда.** Кыргыз Республикасында аймактардын өнүгүүсүн каржылоонун азыркы системасы жети облустук жана 36 райондук Аймактарды өнүктүрүү фондуна (АӨФ) негизделет. Бул өнүктүрүү фонддорунун басымдуу бөлүгүн кен казуу тармагы каржылайт жана бул тармактан түшкөн кирешени Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги бөлүштүрүп берет. Бирок жаратылыш ресурстарын өздөштүрүүдөгү регионалдык диспропорция ар кайсы аймактардагы өнүгүү артыкчылыктары үчүн бөлүнгөн ресурстардын көлөмүндө айырмачылыктардын пайда болушуна алып келди.

**Инфраструктуралык долбоорлорду ишке ашырып жатканда өнүгүү боюнча эл аралык өнөктөштөрдүн каражатына болгон көз карандуулук ушундай долбоорлордун туруксуз болушуна себепчи.** Көпчүлүк мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жаңы капиталдык курулушту айтпай эле коёлу, инфраструктураны оңдоо жана калыбына келтирүү үчүн да каражат тартыш. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына республикалык бюджеттен бөлүнгөн трансферттер аймактарды өнүктүрүүгө багытталган артыкчылыктуу долбоорлорду каржылоо үчүн жетишсиз болууда. Мисалы, суу менен жабдуу/агып чыкма сууну тазалоо, энергетика, жолдор, билим берүү жана саламаттык сактоо, коомдук имараттар жана курулмалар өңдүү долбоорлорго акча зарыл. Мындан тышкары жергиликтүү аймактарды өнүктүрүү, каражатты үнөмдүү пайдалануу маселесинде ачык-айкындуулукту камсыз кылуу үчүн кайсы долбоорлор өзгөчө зарыл деп аныктоого жергиликтүү бийлик органдарынын потенциалы жетпей жатат.

**Аймактардын өнүгүүсүнө колдоо көрсөтүүгө мамлекеттик каражатты бөлүү жол-жобосун азыркыдан бир кыйла эффективдүү кылса болот.** 2018-жылдан тартып аймактарды өнүктүрүү өкмөттүн негизги артыкчылыктуу маселелеринин бири болуп калды. Мындан тышкары 2019-жылы Аймактарды өнүктүрүү фонддорунун 512 млн. сом көлөмүндөгү каражаты жергиликтүү бийлик органдарынын жана жергиликтүү жамааттардын долбоорлорун колдоого багытталмакчы. Ошондой эле аймактардагы чакан жана орто ишкерчиликтин өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү максатында республикалык бюджеттен 2 млрд. сом бөлүндү. Бирок бул каражатты өздөштүрүү үчүн бир кыйла убакыт зарыл. Мындан тышкары аймактардын деңгээлинде өнүгүүгө чындап жол ачкан жүйөлүү долбоорлор тартыш болуп жатат.

## Аймактарды өнүктүрүүдө колдоого муктаж болгон артыкчылыктуу программалык багыттар[1]

Кыргызстандагы аймактарды өнүктүрүүдөгү негизги маселелерди чечүү үчүн улуттук, аймактык жана жергиликтүү кызыкдар жактардын, ошондой эле улуттук жана эл аралык бизнес жамааттарынын, өнүгүү боюнча өнөктөштөрдүн кошумча даректүү жана стратегиялык күч-аракеттери талап кылынууда. Маанилүүсү – бул күч-аракеттер реформанын жана өзгөрүүлөрдүн негизги артыкчылыктарына багытталып, бардык кызыкдар жактар ортосунда координация жакшы болууга тийиш. Ошондуктан Кыргызстандын Өкмөтү жана өнүгүү боюнча эл аралык өнөктөштөр аймактарды өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү үчүн өзүнүн күч-аракеттерин активдештирип, кызматташтыкты күчөтүүгө милдеттенишет. Тагыраак айтканда: а) аймактарда экономикалык кластерлердин өнүгүүсүнө; б) аймактарды өнүктүрүүнүн институционалдык механизмдерине; в) аймактарды өнүктүрүүнүн каржылоо механизмдерине өзгөчө көңүл бурулат. Төмөндөгү пункттарда реформанын белгиленген багыттары жөнүндө сөз болмокчу. Бул пункттар Өнүгүү форумунун жыйынтыгы боюнча мындан ары жасалчу иштердин алкагында каралууга тийиш.

### Экономикалык кластерлер

**Өкмөт жана өнүгүү боюнча өнөктөштөр жеке жана жарандык секторлор менен бирге экономикалык кластерлерди ишке ашыруу үчүн алкактык негизди иштеп чыгуу зарыл экенин түшүнүп турушат.** Бул кластерлер аймактардын

[1] Биргелешкен алкактык документтин 22-25-беттери.

экономикалык өнүгүүсүндөгү кыймылдаткыч күчкө ээ. Өкмөт өнүгүү боюнча өнөктөштөр, жарандык коом жана жеке сектор менен биргелешип, төмөнкүдөй өзөктүк принциптерди эсепке алуу менен, ушундай алкактык негизди даярдашы керек.

***Рыноктук экономикалык кластерди өнүктүрүү.*** Кыргызстан үчүн атаандаштыкка жөндөмдүү рынокторду аныктап алып картирлөө зарыл, бул рыноктордун мүмкүнчүлүктөрүн жана талаптарын баалаш керек, ал эми андан аркы иш-аракеттер жана иш-чаралар ушул талаптарды эсепке алуу менен даярдалышы керек. Мунун натыйжасында жеке сектордун кызыкдар жактарында жумуш орундарын түзүп, кирешесин көбөйтүүгө жол ачкан бизнес үчүн реалдуу мүмкүнчүлүктөр пайда болот.

***Жеке сектор жетектөөчү ролду аткарып, экономикалык кластерди өнүктүрөт.*** Жеке сектордун кызыкдар жактарынын кызыкчылыктары жана рыноктук мүмкүнчүлүктөрү бул кластерди өнүктүрүүдө негизги кыймылдаткыч күч болушу керек. Бул болсо өнүгүү үчүн туруктуу импульсту камсыз кылат. Муну жеке сектор ишке ашырат жана мамлекеттик каржылоодон же саясий артыкчылыктардын өзгөрүүсүнөн көз каранды болбойт (алар менен чектелбейт). Чындыгында кластер катализатордун ролун аткарган көп сандагы нарк чынжырчаларын эффективдүү айкалыштырууунун эсебинен аймактык экономиканын туруктуу өсүшүн камсыз кылышы керек.

***Жеке секторго багыт алган жагымдуу ишкер чөйрөнү түзүү.*** Өкмөттүк мекемелер баштапкы кадам катары назарын жеке сектордун муктаждыктарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө бурушу керек. Өнүгүүгө көмөктөшүү максатында социалдык жана экологиялык туруктуулукка тиешелүү маселени чечүүдө бул үчүн зарыл болгон ченемдик-укуктук базаны түзүүгө умтулуп, калктын аярлуу катмарына, анын ичинде чакан дыйкандарга өзгөчө көңүл буруууга тийиш.

***“Төмөндөн жогору карай” экономикалык кластерин бара-бара өнүктүрүү.*** Рыноктун улам өзгөрүп турган татаал талаптарын көңүлгө алуу менен, жеке сектордун кызыкдар жактары (мамлекеттик колдоосу алдында) “аягынан” пландоодон оолак болушу керек. Мунун ордуна алар аз-аздан баштап, алынган сабактарды жана аныкталган муктаждыктарды эсепке алуу менен масштабына жана оордугуна жараша өнүгүүгө умтулушу керек. Бул ошондой эле кластердин кызыкдар жактары ортосундагы ишенимдин көбөйүшүнө көмөкчү болот. Бул болсо ишкер кызматташтыкты жана өз ара окууларды кеңейтүү багытында социалдык капиталды көбөйтүү үчүн убакытты жана мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылат.

***Экономикалык кластерлердин ортосундагы кызматташтыкты жана атаандаштыкты кеңейтүү.*** Өнүккөн рыноктордун (мисалы, ЕАЭБдин ири чекене сатуучуларынын) талаптарына шайкеш келүү үчүн зарыл болгон санды, сапатты жана убакытты камсыз кылуу үчүн жеке сектордун кызыкдар жактары ортосундагы кызматташтык чечүүчү мааниге ээ. Ошентсе да бардыгына ички мотивация берүү үчүн өндүрүшчүлөр, кайра иштетүүчүлөр жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөр ортосунда атаандаштыктын компонентин колдоп, мүмкүнчүлүккө жараша иш алып баруу зарыл. Чакан ишканалардын муктаждыктарына өзгөчө көңүл буруш керек. Ал эми азыркы саясат негизинен ири структураларга багыт алган.

## Институционалдык механизмдер

Өкмөт жана өнүгүү боюнча өнөктөштөр аймактардын өнүгүүсүнө колдоо көрсөтүүчү институционалдык түзүлүштү өркүндөтүү маселелери боюнча комплекстүү консультациялык механизмди түзүү зарылдыгын баамдап турушат. Ал болсо жарандык жана жеке секторлорду камтышы керек. Консультациялардын механизми институционалдык механизмдерге байланышкан коркунучтарды жана чектөөлөрдү баалап, карап чыгуу боюнча диалог үчүн платформанын ролун аткарышы керек. Бул аймактарды өнүктүрүү максатында башкаруунун түрдүү деңгээлдеринде милдеттерди жана жоопкерчиликти секторлор боюнча так бөлүштүрүүнүн алкагында горизонталдык да, вертикалдык да маселелерди камтыйт. Бул болсо аймактарды өнүктүрүүнүн негизги аспаптарынын бири катары пландалган администрациялык-аймактык реформаны даярдап, ишке ашыруу үчүн маанилүү өбөлгө болуп эсептелинет.

Артыкчылыктарды аныктап, чараларды көрүү зарылчылыгына жараша өнүгүү боюнча өнөктөштөр өкмөттүн өтүнүчү боюнча техникалык жардам көрсөтө алышмак. Бул жардам натыйжа бербеген институционалдык механизмдерди кайра карап чыгып, администрациялык-аймактык реформаны жүргүзүү үчүн шарт түзүүгө көмөк көрсөтүү максатында ишке ашмак.

Консультациялар механизминин алкагында талкууну жана кайра карап чыгууну талап кылган негизги маселелер төмөнкүлөрдү камтыйт.

**Тийиштүү жана тартылган мамлекеттик органдардын алкагында аймактарды өнүктүрүү үчүн так жоопкерчиликти белгилөө жана тастыктап берүү.** “Аймак” концепциясы жана аймактарды өнүктүрүү үчүн тийиштүү функциялар менен жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын тиешелүү администрациялык-аймактык түзүмдөрүнө (муниципалдык, райондук, облустук, республикалык түзүмдөрүнө) өткөрүлүшү керек.

**Жергиликтүү калктын кызыкчылыктарынын жана муктаждыктарынын негизинде мамлекеттик пландоону жергиликтүү пландоо менен, ошондой эле жергиликтүү социалдык-экономикалык пландоо жана аймактык пландоо менен үндөштүрүү.** Социалдык-экономикалык пландоо мейкиндикти пландоонун жана башка-

руунун улуттук моделине таянып, башкаруунун түрдүү деңгээлдерин бири-бири менен байланыштырышы керек. Ал улуттук программалар менен кызыкчылыктардын ишке ашырылышын да, жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктары менен муктаждыктарынын эсепке алынышын да кепилдөөгө тийиш. Жергиликтүү бийлик органдары менен улуттук деңгээлдин ортосундагы диалог/өз ара байланыш механизми (анын ичинде муниципалитеттер ассоциациялары аркылуу) колдоо табышы керек. Бул ошондой эле өлкө Туруктуу өнүгүү максаттарына канчалык жете алганына мониторинг жүргүзүү көз карашынан алганда да абдан актуалдуу болуп турат. Стратегиялык пландоодо жана жергиликтүү өнүктүрүүдө жыйынтыктардын туруктуулугун камсыз кылуу үчүн климаттын өзгөрүүсү өңдүү факторду да эсепке алыш керек. Климаттын өзгөрүүсү биринчи кезекте суу ресурстарына таасирин тийгизет. Бул болсо азыктүлүк, энергетикалык коопсуздук жана экономикалык өсүш үчүн өтө маанилүү. Ошентип, суу чарба ведомстволору, башкармалыктар жана улуттук кызыкдар жактар ортосундагы координацияны камсыз кылуу зарыл. Ошондой эле тиешелүү жамааттар менен муниципалитеттерди суу ресурстарын комплекстүү башкарууну пландоо процессине тартыш керек (тереңирээк анализ үчүн суу ресурстары боюнча атайын главаны караңыз). Кыргызстанда Күн тартиби-2030 улуттук өкмөттүн жана жарандык коомдун жол жолдоочулугуна жана жетектөөсүнө негизделет. Ал эми аймактык жана жергиликтүү кызыкдар жактарды тартуу чечүүчү мааниге ээ болот. Себеби аймактык деңгээлде көп күч-аракет жумшалышы керек.

**Жергиликтүү бийлик органдарынын отчеттуулугун жакшыртуу.** Жарандар алдында отчеттуулукту күчөтүү үчүн жагымдуу саясий чөйрөнү түзүш керек. Жергиликтүү бийлик органдарынын жергиликтүү калк менен өз ара аракеттенүүсүнүн алдыңкы практикасы кеңири жайылууга тийиш; мындай практика үчүн механизмдерди өкмөт өнүгүү боюнча өнөктөштөрдүн жана жарандык коомдун колдоосу менен өнүктүрүп, бекемдеши керек. Ошондой эле ЖӨБдүн ишине коомдук мониторинг жана баалоо жүргүзүү механизмдерин жана практикасын өнүктүрүп, жайылтуу зарыл. Жергиликтүү кеңештердин мүчөлөрүнүн потенциалы менен компетенттүүлүгүн алардын функцияларын жана ыйгарым укуктарын милдеттүү окутуу системасын киргизүү жолу менен бекемдеш керек.

**Бюджеттик камсыздалгандыкты теңдештирүү системасын өркүндөтүү.** Теңдештирүүчү гранттты эсептөөнүн формуласын өркүндөтүү чөйрөсүндө өнүгүү боюнча өнөктөштөрдүн колдоосуна муктаждык бар. Бул болсо жергиликтүү деңгээлде жаңы бюджеттик саясатты түзүүгө жол ачат. Ушул саясат боюнча, Кыргыз Республикасынын бардык айылдык аймактарында өнүгүү бюджеттери болуп, анда өзүнчө бөлүнгөн киреше булактары да каралат. Финансы министрлиги жана ЖӨБ, өнүгүү боюнча өнөктөштөр гендердик баланс жана социалдык жактан инклюзивдүү бюджеттөөнү колдошу керек.

**Кызматтарды эффективдүү көрсөтүү жана жергиликтүү деңгээлде жеке секторду өнүктүрүү үчүн башкаруучу түзүмдөрдү өркүндөтүү.** Өкмөт өнүгүү боюнча өнөктөштөрдүн колдоосу менен башкаруу түзүмүн оптималдаштырып, мамлекеттик органдар менен ЖӨБ ортосунда функцияларды так бөлүштүрүүгө умтулушу керек. Ошондой эле жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин тактап алуу абзел (анын ичинде ЖӨБ жөнүндө Кодексти даярдоо жолу менен). Өнүгүү боюнча өнөктөштөр аймактарды өнүктүрүүнү башкаруу жаатында аймактардын потенциалын баалоодо өкмөткө колдоо көрсөтүшү керек (мисалы, муниципалитеттер ортосундагы кызматташтык, аймактарды бириктирүү, административдик жана аймактык реформа тууралуу маалымат менен камсыздоо үчүн функционалдык чөйрөлөрдү[1] баалоо жолу менен). Кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым функцияларын, мисалы, таштандыны жок кылуу жана айлана-чөйрөнү коргоону аймактык деңгээлге өткөрүп берсе болот. Негизги кызыкдар жактар (ЖӨБ, жарандык коом, мамлекеттик органдар) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин потенциалын жана мотивациясын жогорулатуу үчүн механизмдерди түзүшү керек. Бул механизмдер – түз өз ара аракеттенүү жана профсоюздар, ассоциациялар аркылуу билгендери менен бөлүшүү. Өнүгүү көрсөткүчтөрүнө канчалык жеткенин баалоо үчүн мамлекеттик органдардын, анын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу түзүмдөрүнүн ишинин эффективдүүлүгүнө комплекстүү баалоону киргизүү абзел. Мамлекеттик-жеке диалог үчүн конкреттүү форматтарды жана платформаларды түзүш керек.

**Аймактарды өнүктүрүү концепциясын ишке ашыруунун алкагында өсүш башаты катары аныкталган 20 шаарды өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүү.** Аталган Концепциянын алкагында бул шаарлардын Социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын даярдап, ишке ашыруу боюнча иштерди улантуу маселеси абдан маанилүү. Өнүгүү боюнча өнөктөштөр муниципалдык башкарууну реформалоого жардам бере алышат. Алар ошондой эле маанилүү объекттерге түз инвестиция салса болот. Бул иштер өсүш башаты катары аныкталган шаарларды өнүктүрүүгө түрткү болот.

[1] “Функционалдык чөйрө” терминине бардык түрүндөгү мейкиндик (муниципалитет, аймак ж.б.) кирет. Бул мейкиндикте ар кандай формадагы өз ара аракеттенүү болуп турат: бул мейкиндикти жашоочулар колдонот, түрдүү мамлекеттик же экономикалык субъекттер ортосунда кызматташтык ишке ашат. Функционалдык чөйрөлөрдү жарандардын кызыкчылыктарынын негизинде аныктоо административдик-аймактык реформаны жүргүзүү процессинде аймактарды бириктирүү үчүн жакшы пайдубал тургузуп бермек.

### Каржылоо механизмдери

Өкмөт жана өнүгүү боюнча өнөктөштөр өлкөнүн активдерин эксплуатациялоону жана тейлөөнү каржылоо боюнча программалык системаны түзүү зарыл болгонун, жарандык сектордун катышуусу менен аймактарга эффективдүү инвестиция салуу, коомдук көзөмөлдү киргизүү зарылчылыгын мойнуна алышат. Өкмөт өлкөнүн инфраструктурасын эксплуатациялоону жана тейлөөнү толук камсыз кылуу үчүн каржылоонун атайын булактары киргизилген программалык системаны түзүү, инвестициялык долбоорлорго колдоо көрсөтүү, зарыл болгон каражаттарды эффективдүү бөлүштүрүү аракеттерин уланта бериши керек. Аймактарды өнүктүрүүнүн каржылоого карата программалык мамиле туруктуулукту камсыздоо үчүн жетиштүү болгон, жылдык бюджеттик ассигнациялардан көз каранды болбогон тармактык кирешелерди бөлүп алууга жардам бермек. Учурдагы бюджеттик ассигнациялар жана жергиликтүү сектордун кирешеси керектөөчүлөрдөн алынган төлөмдөргө, жыйымдарга, салыктарга жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө, коммуникацияга коюлган тарифтерди чогултууга негизделген. Учурдагы система адатта коромжуларды кайтарууну камсыз кылбайт жана тармактардын басымдуу бөлүгүндөгү туруктуулукту камсыздоо ишин оорлотот. Өзгөчө бул техникалык тейлөө, инфраструктураны калыбына келтирүү жана жаңысын куруу өңдүү тармактарда билинүүдө. Толугу менен каржыланган тармактык программаны иштеп чыгуу үчүн зарыл болгон кадамдар төмөнкүдөй:

**Сектордун кирешелерин аныктоо.** Аймактарды өнүктүрүүгө акча бөлүп, каржылоону турукташтырууга карай биринчи кадам – айыл чарба, туризм жана транспорт өңдүү тармактардын кирешелери толугу менен корголушу керек. Бул кадам тармактын каржылоосун турукташтырууга көмөк көрсөтүү жана ар бир өзөктүк тармакта каражаттын таңсыктыгын так аныктоо максатында жасалат.

**Комплекстүү пландоонун улуттук системасынын бир бөлүгү болгон аймактарды өнүктүрүү долбоорлорун программалоо механизмин түзүү.** Аймактарды өнүктүрүүгө бөлүнгөн мамлекеттик каржылоо ачык-айкын жана отчеттуулукту кепилдеген тармактык жана аймактык программалар аркылуу жүзөгө ашырылышы керек. Бул максатта учурда иштеп жаткан аймактарды өнүктүрүү фонддорун адаптациялаcа болот же жаңы аймактарды өнүктүрүү программасын түзсө болот. Кандай болгон күндө да аймактарды өнүктүрүү программалары Кыргыз Республикасынын 2040-жылга чейин Улуттук өнүгүү стратегиясына, аймактарды өнүктүрүү стратегияларына шайкеш келтирилиши керек жана башка иштеп жаткан инвестициялар менен координацияланышы керек. Бул механизм кандай гана болбосун, өкмөттүн пландоо, артыкчылыктарды аныктоо жана ишенимдүү экономикалык анализдин негизинде аймактарды өнүктүрүү долбоорлорун тандап алуу боюнча ачык-айкын системасын түзүшү керек. Финансы министрлиги өнүгүү боюнча өнөктөштөрдүн колдоосу менен программалык бюджеттөөгө пландалган техникалык жардамды киргизүүсү маанилүү этап болот. Андан соң финансылык башкаруу жана пландоо процесстерин санарип форматка которуу боюнча иштерди жасап, улантуу зарыл. Бул процесс аспаптарды комплекстүү пландоону жакшыртууга жардам берет.

**Аймактарды өнүктүрүү долбоорлорунун туруктуулугун жана каржылоосун камсыз кылуу үчүн ички каржылоону көбөйтүү.** Инфраструктураны эксплуатациялоо жана техникалык тейлөө жаатында муктаждыктарга баалоо жасалгандан кийин, өзгөчө артыкчылыктуу инвестицияларды аныктап алган соң каржылоого болгон муктаждык менен түшкөн акчанын ортосундагы балансты камсыз кылуу үчүн мамлекеттик стратегияны иштеп чыгыш керек. Баштапкы программага өнүгүү боюнча өнөктөштөрдүн жаңы инвестицияларга каражат бөлүүсү кирсе болот. Бирок туруктуулукту камсыздоо үчүн ички ресурстар ар бир сектордун эксплуатациялык муктаждыктарын жана керектөөлөрүн камсыз кылууга тийиш. Туруктуу субсидияларга муктаж болгон энергетика, транспорт жана суу менен жабдуу өңдүү тармактар ишенимдүү ички каржы булактарын аныктап алышы керек.

**Аз камсыз болгон аймактарга олуттуу субсидияларды берүү, бакубат аймактарга бөлүнгөн улуттук трансферттерди кыскартуу максатында чөйрөсүнө жараша ар кандай көлөмдө болушу ыктымал жергиликтүү долбоорлордун жергиликтүү каржылоосунун үлүшүн түзүү.** Жергиликтүү бийлик органдарынын салымы жана катышуусу жергиликтүү деңгээлде аймактардын өнүгүүсү үчүн жоопкерчилик алуу сезимин күчөтөт. Бирок пайдалуу кен казууга төлөнгөн роялтини эффективдүү пайдалануу үчүн фонддордун каражаттары же аймактарды өнүктүрүү багытындагы башка демилгелер улуттук деңгээлде бириктирилип, стратегиялык жол менен бөлүштүрүлүшү керек. Мындай учурда өнүктүрүү стратегиясы пайдалуу кен кайсы жерде казылса, ошол аймактын муктаждыктарына жараша даярдалууга тийиш. Өнүгүү боюнча өнөктөштөрдүн каржылоодон бара-бара баш тартуусу узак мөөнөттүү сунуш болууда. Бирок учурда колдонулуп жаткан инвестициялардын туруктуулугун камсыздоо системасын түзүү келечектеги инвестициялык муктаждыктардын кайсы бир үлүшүн өзүнө алып, Кыргыз Республикасынын экономикасы менен кошо кеңейип, өсө берүүгө жөндөмдүү структураны камсыз кылат.

# ЖӨБ Союзу жана ӨСИ
## Кыргыз Республикасындагы мыйзамдардын ЖӨБдүн өнүгүүсүнө тийгизген таасири тууралуу КР Жогорку Кеңешине Баяндама даярдашты

### Баяндама эмне үчүн зарыл?

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен түз байланыш үчүн жергиликтүү жамааттарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында (мындан ары – ЖӨБ) каналдар туруктуу эмес жана башаламан. КР Өкмөтү парламентке отчет берип жатканда ЖӨБ органдарынын пикири көп жакшы эсепке алынбай келет. Ошондуктан КР ЖК жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы кырдаалды жана ЖӨБ үчүн өзүнүн мыйзам чыгаруу ишинин жыйынтыктарын үч жол менен гана баалайт: же аткаруу бийлигинин сөзүнө ишенет, же айрым депутаттардын жеке байкоолорунун негизинде жыйынтык чыгарат, же болбосо жалпыга маалымдоо каражаттарында (мындан ары - ЖМК) чыккан маалыматтардын негизинде баалайт. Бирок КР ЖК кабыл алган мыйзамдардын ЖӨБго жана бул мыйзамдарды аткаруу боюнча өкмөттүн ишине тийгизген таасирине объективдүү баа берүү үчүн бул маалымат булактарын жетиштүү деп айтууга болбойт.

КР Жогорку Кеңешине маалыматтын альтернативдүү булагы, жергиликтүү жамааттар жана ЖӨБ органдары менен туруктуу түз байланыш зарыл. Булар мамлекеттик аткаруу бийлигинен же ЖМКдан түшкөн маалыматтарды атайын же атайлап эмес бурмалануусуна жол бербейт.

ЖӨБ органдарынын ичинен 60 пайыздан ашыгы колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерин ишке ашырууда пайда болгон маселелер боюнча КР ЖКга жана КР Өкмөтүнө кайрылып турушат (сейрек кайрылгандар – 55,2%, көп кайрылгандар – 5,8% ). ЖӨБ органдарынын жарымынан көбү (51,2%) КР ЖК жана КР Өкмөтү алардын кайрылуусуна жооп катары маалымат беришпей турганын ырасташат. Мындай кайрылуулардын санынын көптүгү жана ар бир ЖӨБ органы менен жекече баарлашуу жогорку башкаруу органдары үчүн административдик көйгөйдү жаратууда. Ошондуктан өз ара аракеттенүүнүн жаңы каналын түзүш керек. КР Жогорку Кеңешине карата айтсак, ушул Баяндама мына ушундай канал болуп бере алат.

Тилекке каршы, узак убакыттан бери ЖӨБдүн чабал үнү анын кызыкчылыктарын саясий жана экономикалык конъюктурага курмандыкка чалууга, КР ЖК депутаттардын көзүндө айрым чечимдердин ЖӨБ үчүн болжолдуу кесепеттерин бурмалоого алып келди. Мисалы, мугалимдерге айлык акыны төлөп берүү милдеттенмесинин бир бөлүгүн ЖӨБ органдарына жүктөп коюшканда мына ушундай болгон. Бирок билим берүү мамлекеттин функциясына кирет, ал эми КР ЖК бюджеттерди бөлүштүрүүнүн принциби, мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын функциялары менен ыйгарым укуктарынын принциби бузулуп жатканы тууралуу маалыматка ээ болгон эмес.

КР ЖК ЖӨБ органдарын түзүүгө жана жергиликтүү кеңештер менен ЖӨБдүн аткаруу органдары ортосундагы өз ара мамилелерге тикелей таасирин тийгизет. Жергиликтүү кеңештер Кыргыз Республикасында парламенттик демократияны жергиликтүү деңгээлде ишке ашырышат. Себеби аларды калк түз шайлайт жана тийиштүү аймактагы элдин кызыкчылыктарын коргошот, бийликтин түзүлүшүнүн моделин улуттук деңгээлде көрсөтүшөт. Бирок ушул кезге чейин жергиликтүү кеңештер обочодо калып иштеп келатышат. Бул болсо алардын өнүгүүсүнө бут тосууда, алар КР ЖК жана башка мамлекеттик органдар менен көп жакшы байланыш түзө албай жатышат, мыйзам чыгаруучулардын эркин так түшүнбөгөндүктөн мыйзамдарды туура эмес түшүнүп алып, аларды бузган учурлар да аз эмес. Өз кезегинде КР ЖК жергиликтүү кеңештер өздөрүнүн жергиликтүү ченемдик укуктук актыларында (мындан ары – ЧУА) мыйзамдарды кантип колдонуп жатканы, жер-жерлерде парламенттик демократиянын базиси кандай болгону жана анын өнүгүүсүнүн кадрдык, саясий келечеги кандай экени тууралуу маалыматка ээ эмес.

Бул көйгөйлөр 2018-жылдын 3-июлунда өткөн “Кыргыз Республикасынын аймактарын комплекстүү өнүктүрүүдө ЖӨБ органдарынын ролу” деп аталган КР ЖӨБ Форумунда талкууланган (форумдун материалдарына шилтеме: http://dpi.kg/ru/library/full/281.html). Бул Форумдун жыйынтыктары боюнча Резолюция кабыл алынып, анда КР Жогорку Кеңешинин ишинин жергиликтүү

жамааттардын өнүгүүсүнө тийгизген таасирин баалоонун жаңы аспаптарын киргизүү зарылчылыгы бар экени белгиленген.

ЖӨБ Союзу Өнүктүрүү саясат институту (мындан ары – ӨСИ) менен өнөктөштүктө 2016-2018-жылдары кабыл алынган мыйзамдардын Кыргыз Республикасындагы ЖӨБдүн өнүгүүсүнө тийгизген таасири тууралуу КР Жогорку Кеңешине Баяндаманын (мындан ары – Баяндама) концепциясын иштеп чыкты. Бул методологияга ылайык, Баяндама кадыресе түшүнүгүндө жазуу түрүндөгү документ гана эмес. Баяндама – бул КР ЖКнын контролдук функциясына, КР ЖКнын мыйзамдарынын жана башка актыларынын тийгизген таасирине мониторинг жүргүзүүчү аспап, кошумча мүмкүнчүлүк, ошол мониторингдин жыйынтыктарын талкуулоо жана талкуунун натыйжасы боюнча кабыл алынган чечимдерди түзөтүү үчүн аспап. Ушундай баяндамалар башка тармактарда жана өлкөлөрдө практикада колдонулуп келатат. Мисалы, Акыйкатчынын баяндамалары да кызыкдар жактардын туруктуу байланышын түзүүчү, кабыл алынган чечимдердин сапатына мониторинг жана баалоо жүргүзүүчү аспап катары колдонулуп келет.

Баяндаманын методологиясы башка багыттар боюнча ушул өңдүү баяндамаларды даярдоо практикасын эсепке алуу менен иштелип чыгып, КР ЖКнын үч комитетине берилди. Алар: ЖК КР Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Регламент боюнча комитети, КР ЖК Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитети, КР ЖК Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитети.

Баяндаманын иши сапаттуу жана сандык изилдөөлөрдү, кырдаалдарды кадрга түшүрүүнү кошкондо, маалыматтарды чогултуп, анализ жүргүзүүдөн башталды. ЖӨБ органдары менен фокус-топтордо талкууларды өткөрүү, ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнө анкета толтуртуу, ачык булактардагы маалыматтар менен таанышуу, мамлекеттик башкаруу органдарынан маалыматтарды суратып алуу жолу менен бул Баяндама үчүн маалыматтар топтолду. Жалпысынан Баяндаманы даярдоо процессине КР ЖӨБ органдарынын 76ге өкүлү катышты.

Андан соң 2019-жылдын 28-октябрында Баяндаманын долбоору 15 мамлекеттик органга жиберилип, 2019-жылдын 28-октябрында мамлекеттик башкаруу органы менен талкуу болду. Бул талкуунун жүрүшүндө кызыкдар болгон мамлекеттик органдар Баяндамага өздөрүнүн толуктоолорун киргизүүгө, ошондой эле Баяндаманын тыянактары жана сунуштоолору тууралуу альтернативдүү пикирин айтууга мүмкүнчүлүк алышты.

Баяндаманы коммуникациянын жана мониторингдин туруктуу аспабы катары киргизүүнүн натыйжасында КР ЖК менен жергиликтүү жамааттардын ортосунда түз байланыш түзүлөт; чечим кабыл алуу процессинде жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын чындап эсепке алуу механизми пайда болот; КР ЖКнын контролдук функциясы жаңы сапаттуу деңгээлге көтөрүлөт – мыйзамдардын таасирине объективдүү индикаторлор боюнча баа берилет.

Баяндаманын биринчи бөлүгү (2016-2018-жылдары Кыргыз Республикасында Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсү) ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдарынын абалын, анын ичинде учурдагы тенденцияларды жана өнүгүүдөгү көйгөйлөрдү жалпысынан сүрөттөйт. Бул жерде башкаруунун бардык деңгээлдери үчүн гана эмес, ошондой эле жарандар үчүн да кызыктуу боло турган фактылар жана тыянактар камтылган. Баяндаманын бул бөлүгү жарандардын ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээлине жасалган серептин жыйынтыктарынан башталганы да кокусунан эмес. ЖӨБ органдары жарандардын катышуусу жана ишеними ЖӨБдүн маңызын түзөт, жалпы бийлик системасы ошонун негизинде түптөлгөн деп эсептешет.

Баяндаманын экинчи бөлүгү (2016-2018-жылдары кабыл алынган мыйзамдардын жергиликтүү жамааттарга жана ЖӨБ органдарына тийгизген таасири) кабыл алынган мыйзамдардын ЖӨБдүн

**БАЯНДАМАНЫН САЯСИЙ МИССИЯСЫ**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине өзүнүн контролдук функцияларын аткаруусуна; жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсүнө таасир тийгизген мыйзамдарды өркүндөтүүгө көмөк көрсөтүү жана өзгөрүп турган мыйзамдарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызыкчылыктары эсепке алынышын камсыз кылуу.

**БАЯНДАМАНЫН ТЕХНИКАЛЫК МИССИЯСЫ**

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун тармактык чегинин тышында өнүгүү тенденциялары тууралуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарына бирдиктүү элес берүү.

**БАЯНДАМАНЫН КОММУНИКАЦИЯЛЫК МИССИЯСЫ**

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кабыл алынып жаткан мыйзамдардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсүнө тийгизген таасири тууралуу өзүнүн жалпы пикирин жеткире алууга мүмкүнчүлүк берүү жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосундагы коммуникациялык байланышты бекемдөө.




*1-диаграмма. 2019-жылы ЖӨБ жарандарда пайда кылган эмоциялар.*




*2-диаграмма. 2019-жылы ЖӨБ муниципалдык кызматчыларда пайда кылган эмоциялар.*

өнүгүүсүнө тийгизген таасирин баяндайт. Баяндаманы даярдап жатканда ЖӨБ органдары конкреттүү мыйзамдарга карата мамилесин билдиришип, алардын артыкчылыктарын жана кемчиликтерин белгилешти. Ушул Баяндамада каралып чыккан мыйзамдардын тизмегин ЖӨБ органдары эксперттер менен чогуу аныкташты. Баяндамага КР ЖК өткөн жылдары кабыл алган бардык мыйзамдар батмак эмес, ошондуктан ЖӨБ органдарынын пикирине ылайык ирээтке келтирилип чыкты.

Баяндама Кыргыз Республикасындагы ЖӨБдүн иштеши үчүн ченемдик укуктук чөйрөнү түзүү жаатындагы маанилүү окуялардын календарын камтыйт. Ал ЖӨБдүн өнүгүүсүнө таасирин тийгизген укуктук чаралардын көп түрдүүлүгүн жана ар тараптуулугун чагылдырып турат.

## Баяндаманын резюмеси

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул Кыргыз Республикасындагы башкаруу тутумунун баштапкы жана маанилүү бөлүгү. Калктын жалпысынан бийликке болгон мамилеси ЖӨБдүн абалына жана жарандардын керектөөлөрүн канааттандыра алуу жөндөмдүүлүгүнө көз каранды болот. Ошондуктан жарандар ЖӨБ органдарынын ишине жалпысынан оң мамиле жасай турганын түшүнүш керек. Буга карабастан 2016-жылдан баштап калктын ЖӨБдү оптимисттик маанайда кабылдоо деңгээли салыштырмалуу жогору болуп кала бергени менен, бул деңгээл туруктуу түрдө түшүп турган. 2018-2019-жылдары аймактарды өнүктүрүү тууралуу КР Президентинин буйруктарынын фонунда 2018-жылы жарандардын ЖӨБдүн перспективаларына карата үмүтү жанды. Бирок 2019-жылы бул үмүт токтоо оптимизмге өттү. ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү болсо өзүнүн кызматына карата сынчыл маанайда турушат. Айталы, ЖӨБдүн абалына ар бир үчүнчү муниципалдык кызматчыда боор оору же кыжырдануу сезими бар.

Жарандар менен маалыматтык иш жакшы жөнгө салынган, туруктуу диалог жүрүп турган ЖӨБ органдарында да ишеним деңгээли жогору болот. Бирок көпчүлүк жамааттардын тургундары ЖӨБго карата өз укуктары жана милдеттенмелери тууралуу жетиштүү маалыматка ээ эмес жана жигердүү субъект болуп саналышпайт. Маалыматка техникалык жеткиликтүүлүктүн чектелүү болгону (интернетке кошулуу оңой эмес же кымбат, ченемдик укуктук актылар тез-тез жаңыланып турат, ЧУА





*3-диаграмма. Кыргыз Республикасында жарандардын түрдүү институттарга болгон ишеним деңгээли*




*4-диаграмма. Саясий партиялардын таасири алдында жергиликтүү кеңештин иши кантип өзгөргөнү тууралуу ЖӨБ органдарынын пикири, пайыз менен берилди (ЖӨБ Союзу ЖӨБ органдары*

документтерин туура түшүнүп, колдонууга жардам берген материалдар көп келбейт) жана ЖӨБ менен жарандар ортосундагы эффективдүү коммуникациялардын жоктугу көйгөйлөрдүн айрымдары болуп саналат. ЖӨБ органдары жергиликтүү жамааттын социалдык жана экономикалык өнүгүүсүн пландоодо көп учурда калктын чыныгы керектөөлөрүн көп жакшы эске алышпайт. Мындан улам ЖӨБго ишеним деңгээли жогору болгонуна карабастан, жарандар ЖӨБ органдары менен түз өз ара аракеттенүүгө, тикелей байланыш түзүүгө умтулушат. Ошол эле маалда жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жана КЭУ аркылуу иш алып баруу өңдүү өкүлчүлүктүү принциптерге таянган өз ара аракеттенүү формаларынан оолак болушат. Башкача айтканда, жарандар ортомчуларга эмес, өз көргөнүнө жана укканына гана ишенишет.

Жергиликтүү кеңештерди өнүктүрүүгө байланыштуу сөз болгондо саясий партиялардын жергиликтүү кеңештердин ишине тийгизген таасири тууралуу орток пикир жок. Мындан улам жүйөлүү сунуштоолорду даярдаш үчүн башкаруу системалары, аналитикалык борборлор бул таасирди дагы изилдеши керек. Ошентсе да ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн басымдуу бөлүгү (79%) жергиликтүү кеңештер партиялык принцип боюнча түзүлбөшү керек деп эсептешет. КР Жогорку Кеңешинин 2019-жылы жергиликтүү кеңештерде аялдар үчүн 30 пайыздык квотаны киргизүү тууралуу чечими чоң жетишкендик болуп калды. Буга чейин аялдардын саны кеңештерде аз болгону чечим кабыл алуу процессинде алардын аярлуу абалын көрсөтүп турган эле. 2016-2019-жылдардын аралыгында мандаттарды улам өткөрүп отуруп аял депутаттардын үлүшү 3 пайызга түшүп кеткени муну тастыктап турат. Жергиликтүү кеңештерде депутаттардын олуттуу бөлүгү (44 пайыздан ашыгы) орто же атайын орто билимге ээ. Кыргыз Республикасындагы мектептеги жана атайын орто билим берүүнүн деңгээлин эсепке алуу менен, алардан мамлекеттик башкарууда компетенттүүлүктү күтүү оор болот. Депутаттардын калган бөлүгүнө да башкаруу тууралуу атайын билим жетишпейт. Ошол эле маалда өлкөдө кеңештердин депутаттарын окутуунун кандайдыр бир формалары жок. Мунун баары жергиликтүү кеңештердин жана жалпысынан ЖӨБдүн эффективдүү иши үчүн олуттуу тоскоолдуктарды жаратууда.





*5-диаграмма. Облустардын алкагында ЖӨБ органдарынын жалпы санына карата таркатылган жергиликтүү кеңештердин саны жана үлүшү, пайыз менен*




*6-диаграмма. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин кирешесиндеги динамика, млрд. сом менен*

Билим берүүнүн деңгээли, партиялык факторлордун таасири жергиликтүү кеңештерди таратууга шарт түзүп жатат. 2016-жылдан 2019-жылга чейинки мезгил аралыгында 34 жергиликтүү кеңеш таратылган. Мындан улам жер-жерлерде өкүлчүлүктүү демократия системасы туруксуз деп айтса болот.

Муниципалдык кызмат эволюциялык нукта өнүгүүдө. 2016-жылдын 30-майындагы №75 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” жаңы КР Мыйзамынын кабыл алынышын маанилүү жетишкендик катары кароого болот. Бирок бул жерде да бир топ көйгөйлөр бар. Айталы, муниципалдык кызматтагы, өзгөчө саясий кызмат орундарындагы аялдардын үлүшү азаюуда. ЖӨБдүн аткаруу органдарынын улуттук курамы бир аз өзгөрдү. Бирок ЖӨБ органдарында улуттук азчылыктардын саны өлкөдөгү бул азчылыктардын үлүшүнө салыштыра келгенде болжол менен 3 эсе аз чыгууда. Муниципалдык кызматтын курамында улуу муундун өкүлдөрү басымдуулук кылат: 2019-жылы пенсия курагына жакындап калган жана пенсия курагындагы адамдар муниципалдык кызмат орундарынын дээрлик 22% ээлешет. 2016-жылы бул көрсөткүч 4 пайызга аз болчу. Муниципалдык кызматчылардын билим деңгээлин ала келгенде оң динамика байкалууда – жогорку билимдүү кызматчылардын үлүшү 2016-жылга салыштырмалуу 5 пайызга өскөн. Бирок орто билимге ээ болгон, 2016-жылга чейин түрдүү муниципалдык кызмат орундарын ээлеген 716 кишинин статистикадан жоголуп кетиши аныкталбай кала берди. 2016-жылы ЖӨБ органдарындагы саясий жетекчилердин алмашуусунан улам кадрлардын туруксуздук деңгээли калыбына келди. Буга карабастан 2020-2021-жылдары мындай көрүнүш кайталанат деген коркунуч бар. Себеби ЖӨБдүн аткаруу органынын башчылары алмашкандан кийин команданы кошо алмаштыруу практикасына каршы чаралар көрүлө элек. Бул болсо муниципалдык кызматтагы жол улоочулукка жана анын сапатына зыянын тийгизүүдө. ЖӨБ органдары муниципалдык кызматчылардын бош орундары үчүн КР Мамлекеттик кадр кызматында (мындан ары – МКК) конкурстан өтүү зарыл экенин белгилешет. Бирок кадрлар тартыш болуп турган шарттарда бул көйгөйгө айланарын да белгилешүүдө. Себеби кызмат орундарына талапкерлер оор суроолордун айынан тесттен өтө албай калышы мүмкүн жана ЖӨБ органдарынын кадрдык курамы толукталбай калышы ыктымал.





*7-диаграмма. ЖБ жана РБ жалпы кирешелеринде жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин үлүшү, пайыздар менен*




*8-диаграмма. КЖИнин Кыргыз Республикасында жергиликтүү бюджеттерди каржылоонун көлөмүнөн тескери көз карандуулугу*

2013-жылдын 9-июлундагы №127 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү тартиби жөнүндө" КР Мыйзамы кабыл алынгандан бери алты жыл өттү. Ушуну менен КР ЖКнын экинчи чакырылышы мыйзам ушунча убакыттан бери толук кандуу иштеп кете албай жаткан себебин издеп жатат. Жалпы пикир боюнча, мыйзамды ишке ашырууга тоскоол болгон негизги себептер төмөнкүлөр: мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдары ортосундагы ыйгарым укуктар жана жоопкерчилик так бөлүштүрүлгөн эмес; берилип жаткан ыйгарым укуктардын баасын аныктоо оор; мамлекеттик органдардын аппараттары бюрократиялык тоскоолдуктарды жаратууда. Ошондой эле ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү процессин ЖӨБ органдары, өзгөчө дотацияда тургандары көп жактыра беришпейт. Себеби өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды аткарууга бөлүнгөн бюджет аралык трансферттер теңдештирүүчү гранттардын суммасын автоматтык түрдө азайтат. Бирок механизмди ишке ашырууда оң жылыштар байкалууда. Айталы, 2011-жылдын 15-июлундагы №101 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамы менен ЖӨБ органдарына өткөрүлүп берилсе боло турган негизги мамлекеттик ыйгарым укуктардын ичинен болжол менен 40 пайызы боюнча КР Өкмөтү кээ бир иштерди алып барууда.

КР Президентинин соңку эки жылдан бери жүргүзүп жаткан аймактарды өнүктүрүү боюнча саясаты жергиликтүү бюджеттерге тиешелүү болгон кырдаалда да өз ордун табышы керек эле. Ушул жергиликтүү бюджеттерден жарандар үчүн жашоо шарттарын түзүүгө каражат каралат. Бирок маалыматтар көрсөтүп тургандай, жергиликтүү жана республикалык бюджеттер ортосундагы кирешелерди бөлүштүрүү аймактарды өнүктүрүүгө карата өлкөнүн артыкчылыктарын көп жакшы эсепке албай жатат. Натыйжада көпчүлүк ЖӨБ органдарына өз функцияларын жана өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды сапаттуу аткаруу үчүн ресурстар жетишпей жатат. Республикалык бюджеттин киреше темпи өскөнү менен, жергиликтүү бюджеттердин кирешеси дээрлик өскөн жок. Бул жаатта өсүш 2011-2012-жылдары гана байкалган. Андан соң үч жыл бою жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин жалпы көлөмү төмөндөп жатты. Ошол эле маалда республикалык бюджеттин кирешелери туруктуу темп менен өсүп жатат. 2014-жылдан баштап жергиликтүү бюджеттердин көлөмүнүн динамикасы дээрлик жокко эсе. Бул болсо инфляция жана милдеттенмелер улам көбөйүп жаткан шарттарда каржылоонун көлөмү иш жүзүндө азаят дегенди билдирет. Ошону менен бирге жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин үлүшү республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин жыйынды көлөмүндө туруктуу түрдө азаюуда. Мунун баары бир нерседен кабар берет: жергиликтүү маанидеги маселелерге, анын ичинде инфраструктура боюнча оор финансылык милдеттенмелерге каражат бөлүнбөй калууда. Жергиликтүү маанидеги маселелерди жана ЖӨБ органдарын каржылоонун өсүшү көп кырдуу жакырчылыктын төмөндөшүнө жана жарандардын жашоо шарттарынын жакшыруусуна тикелей таасирин тийгизээри байкалды. Бул – ЖӨБдү каржылоону көбөйтүү зарыл экенин тастыктаган мыкты саясий далилдердин бири. Бюджет аралык мамилелер саясатын өркүндөтүүдө артыкчылыктуу багыттар катары ЖӨБ органдары төмөнкүлөрдү белгилешет: өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды каржылоо; бюджеттик камсыздалгандыкты теңдештирүү саясаты; жөнгө салынган кирешелерди бөлүштүрүү саясаты; дем берүүчү (үлүштүк) гранттарды бөлүү; жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин пландоо; капиталдык салымдардын




*9-диаграмма. Муниципалдык кыймылсыз мүлккө жана жерге байланышкан бүтүмдөрдүн динамикасы (бүтүмдөрдүн түрлөрү боюнча), сан менен*

ички инвестициялык долбоорлорун бөлүштүрүү. Ошондуктан башкаруунун бардык деңгээлдери үчүн, анын ичинде КР ЖК үчүн 2018-2040-жылдарга Улуттук өнүктүрүү стратегиясында бекитилген жана ушул кезге чейин аткарылбай келаткан өзгөчө тапшырма – бул бюджет аралык мамилелерди КР Өкмөтү менен ЖӨБ органдары ортосунда макулдашуу процессин баштоо зарыл.


Муниципалдык менчикти башкаруунун сапаты да тынчсыздандырган маселелердин бири. Муниципалдык менчик, өзгөчө жер жана кыймылсыз мүлк объекттери ЖӨБ органдарынын экономикалык потенциалынын маанилүү бөлүгү болуп саналат. Билгичтик менен башкарганда бул объекттер киреше булагына айланат же бери дегенде жергиликтүү бюджетке финансылык жүк болбой калат. Анткен менен, муниципалдык менчиктин курамына жасалган анализ көрсөткөндөй, ЖӨБ органдарынын профилдик эмес объекттерди күтүүгө кеткен жүйөсүз чыгымдарын кыскартуу максатында муниципалдык менчикти оптималдаштырыш керек. Бул үчүн мыйзамдарга тактоолорду киргизүү зарыл. Жылдан жылга муниципалдык кыймылсыз мүлккө түзүлгөн бүтүмдөрдүн саны азайып жатат. Тилекке каршы мунун негизги себеби – сатууга же ижарага берүүгө жарамдуу болгон объекттердин саны барган сайын азаюуда. Сатуу-сатып алуу бүтүмдөрү дээрлик токтоп калды. 2017-2018-жылдары бирин-серин гана учур болгон. Маалыматтар боюнча, сатаарга дээрлик эч нерсе калбай калды. Бүтүмдөрдүн эффективдүүлүгү да тынсыздандыруу жараткан маселелердин бири. 2017-2019-жылдар аралыгында түзүлгөн бүтүмдөрдөн жергиликтүү бюджеттер 21 млн. сом (минималдуу баалоо боюнча) суммадагы жоготууга учураган. Бул – жер сатууну эсепке албастан, кыймылсыз мүлктү сатууга карата гана ушундай көрүнүш болду. Дал ушул муниципалдык менчикти башкарууда ЖӨБ органдары мыйзамдарды көбүрөөк бузушат.

ЖӨБ органдары жасаган укук бузуулар жөнүндө маалыматтар КР Башкы прокуратурасында бар. Бирок бул маалыматты берүү форматы дайыма өзгөрүп турат жана кандайдыр бир анализ жасоо мүмкүн болбой жатат. Белгилей кетүүчү бир жагдай бар: бир нече жолу жасалган кайрылууларга карабастан КР Башкы прокуратурасы өзүнүн отчетунда ЖӨБ органдарын жана жергиликтүү мамлекеттик администрацияларды (мындан ары – ЖМА) башкаруу органдарынын бир категориясына бириктирүүнү уланта берүүдө.

КР Башкы прокуратурасынын 2018-жылдагы маалыматына ылайык, коррупция менен күрөштүн алкагында жүргүзүлгөн 2030 текшерүүнүн ичинен 746 (37,7%) текшерүү ЖӨБ органдарында жана ЖМАда өткөрүлгөн. ЖӨБ органдарынын кызмат адамдарынын мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүгө байланышкан иш-аракеттери, коррупцияга каршы туруу жөнүндө мыйзамдардын талаптарын аткарбаганы мыйзам бузуулардын басымдуу бөлүгүн түзөт. Муниципалдык менчикти башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзам бузуулар боюнча зыяндын орду 3 млрд. сомдон ашык суммада толтурулган.

2016-жылдын 31-мартындагы № 32 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" КР Мыйзамынын аткарылышын текшерген КР ЖК Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Регламент боюнча комитеттин баштапкы маалыматтарына ылайык , мыйзамды мамлекеттик органдар да, ЖӨБ органдары да бузаары аныкталган.

Ошентип, Кыргыз Республикасында ЖӨБдүн мындан ары өнүгүүсү жарандардын жашоо сапатына тикелей таасирин тийгизет. Ошондуктан анын эффективдүү иштеши үчүн шарттарды түзүүгө ка-




*10-диаграмма. Жергиликтүү жамааттардын жана ЖӨБ органдарынын өнүгүүсүнө тийгизген таасирин баалоодо фокус-топтун көпчүлүк катышуучуларынын оң баасын алган мыйзамдардын рейтинги, % менен*

рата комплекстүү мамиле жасалышы керек.

ЖӨБдү өркүндөтүү үчүн зарыл болгон чаралардын жана анын иши үчүн шарттардын катарында улуттук мыйзамдарды өнүктүрүү өзөктүк орунду ээлейт. Ошондуктан кабыл алынган мыйзамдардын ЖӨБдүн өнүгүүсүнө тийгизген таасирин баалоо өзгөчө актуалдуу маселе болуп турат.

## Жергиликтүү жамааттардын жана ЖӨБ органдарынын өнүгүүсүнө өзгөчө көп таасир тийгизген мыйзамдар

КР ЖК 2016-жылдан 2018-жылга чейинки мезгил аралыгында кабыл алган мыйзамдардын таасирине ЖӨБ органдары жалпысынан оң баасын беришүүдө. Айталы, тийгизген таасирин изилдөө үчүн тандалып алынган 18 мыйзамдын ичинен 14үнө ЖӨБ органдарынын көбү оң баасын беришти. Бул болсо алардын жалпы санынан 78% түзөт. ЖӨБ органдарынын пикири боюнча, төмөнкү мыйзамдардын таасири өзгөчө жакшы болгон:

*2018-жылдын 27-январындагы №16 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына* өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамы калкка көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын жакшыртууга жол ачып, ЖӨБ органдарына болгон ишенимди көбөйттү; бизнес ишканаларды түзүүгө жергиликтүү бюджеттин чыгашаларына байланышкан кырдаалды түшүндүрүп берди, аны максаттуу колдонуу үчүн шарттарды түздү, муниципалдык ишканалардын чыгашаларына көзөмөлдү күчөттү;

*2016-жылдын 28-декабрындагы №218 “Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамы* жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын сунушун эске алды; топ-топко бөлүнүү көрүнүшүн жоготту, ЖМА башчылары менен жергиликтүү кеңештердин ортосундагы өз ара мамилелерди ачык-айкын кылып, жөнгө салды;

*2016-жылдын 31-мартындагы №32 “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” КР Мыйзамы* ЖӨБ органдарын текшерүү тартибин белгиледи, түрдүү текшерүүчү жана тартип коргоо органдары тарабынан мыйзамсыз жана башаламан текшерүүлөрүн азайтты;

*2017-жылдын 20-июлундагы №162 «“Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (“Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында болгон маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамы* балдарды бала бакчага киргизүүнүн ачык тартибин орнотту; калктын онлайн режимдеги маалыматка жеткиликтүүлүгүн камсыз кылды; жалпысынан калктын маалымдуулугун жогорулатты;

*2018-жылдын 2-августундагы №79 «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына ("Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий*

*киргизүү жөнүндө", "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзамы* айыл чарба багытындагы жерлерде курулган көптөгөн турак үйлөрдү мыйзамдаштырып, муну менен бир кыйла үй-бүлөлөрдүн көйгөйүн чечип берди; мыйзам келечекте жерлерди өзүм билемдик менен бөлүштүргөн көрүнүштөрдү азайтат;

*2018-жылдын 10-августундагы №190 Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелери тууралуу кодекси* ЖӨБ органдарына жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн түзүү процессине көзөмөлдү күчөтүү үчүн шарттарды түзүп берди.

Баяндаманын алкагында жасалган иштер бир гипотезаны тастыктады: мыйзамдарды өзгөртүү аркылуу ведомство аралык тапшырмалар-ды чечүүгө карата кууш тармактык мамиле иш жүзүндөгү жыйынтыктарга терс таасирин тийгизет. Муну ЖӨБ органдары да белгилешүүдө. Айталы, тармактык тапшырмаларды аткарууга толугу менен багытталган, мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын өз ара мамилесинин конструкциясын эсепке албай кабыл алынган, бюджеттик тутумдун эки деңгээлдүү өзгөчөлүгүн көңүлгө албаган төрт мыйзамдын таасирине ЖӨБ органдары терс баасын беришкен. Ал мыйзамдар:

*2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" КР Мыйзамы жана 2017-жылдын 27-апрелиндеги №64 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамы* дээрлик аткарылбайт. Себеби ЖӨБ органдарында программаларды даярдап, ишке ашыруу үчүн, социалдык кызматтарды түзүү үчүн ресурстары, зомбулуктун курмандыктары менен натыйжалуу иш алып баруу үчүн көндүмдөрү жана билими жетишсиз;

*“Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына ("Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө", "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" КР Мыйзамын* ЖӨБ органдары формалдуу түрдө гана аткарышат. Себеби ЖӨБ органдарында юристтин штаттык бирдиги каралган эмес, жер-жерлерде квалификациялуу юристтер тартыш, ЖӨБ органдарынын кызматкерлери жарандарга укуктук консультацияларды бере алышпайт;

*2017-жылдын 28-июлундагы №163 "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" КР Мыйзамы* документтерди чогултуу, муктаждык даражасын аныктоо процессинде кыйынчылыктарды жаратты; ЖӨБ органдарын муктаждыкты аныктоо процессинен чыгарып салды, жөлөкпулду дайындоо практикасына карата ЖӨБ органдарына нааразы болгон жарандардын катары калыңдады. Себеби жарандар бул маселеде кайсы жерден ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги бүтүп, ал эми кайсы жерден мамлекеттин жоопкерчилиги башталаарын териштиргиси келбейт.

Жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин бул функцияларды аткаруу үчүн зарыл болгон ресурстарды бербестен эч көзөмөлсүз кеңейте берген практика талкуу үчүн өзүнчө бир тема. Айталы, 2018-2019-жылдардын аралыгында эле ишке ашкан жана ашпай калган 10 сунуш түшкөн. Демилгечилер жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин кеңейтүүнү сунуш кылып келишкен. ЖӨБ органдарын бул кырдаалда өзгөчө тынчсыздандырып, түйшөлткөн бир маселе бар: сунуш кылынган 10 демилгенин экөөндө гана ЖӨБ органдарына аткарууга сунуш кылынып жаткан жаңы функцияларды республикалык бюджеттен каржылоо маселеси каралган. Калган 80% демилгенин маалым кат-негиздемеси “ЧУА долбоору мамлекеттик бюджеттик каражаттан кошумча каржылоону талап кылбайт” деген стандарттуу сүйлөмдү камтыйт. Натыйжада ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмегин кеңейтүүнү сунуш кылган демилгечилер жергиликтүү бюджетти жалпы мамлекеттик бюджеттин бир бөлүгү катары карабайт окшойт деген тыянакка келишүүдө. Демилгечилер “ЖӨБ органдары жергиликтүү бюджеттер Кыргыз Республикасынын салыктык жана салыктык эмес киреше тутумуна байланышпаган кандайдыр бир жол менен каржыланат окшойт” деп ой жүгүртүшү ыктымал. Иш жүзүндө жергиликтүү бюджеттер республиканын бириктирилген бюджетинин бир бөлүгү болуп саналат. Ошондуктан функция берилсе, ага акча да кошо берилет деген принципке ылайык, мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдары ортосунда бөлүштүрүлгөн функциялар өзгөрөөр замат бюджет аралык мамилелер да өзгөрүүгө тийиш, бул үчүн бюджеттер ортосундагы кирешелер кайра бөлүштүрүлүп чыгышы керек. Ошондуктан жүйөлүү ой жана КР Конституциясы боюнча мындай демилгелерге берилген маалым кат-негиздемеде функцияларды аткаруунун баасы жана аны каржылоонун булактары көрсөтүлүшү керек. Ал эми жергиликтүү бюджеттер жаңы же кошумча эмес, учурда бар болгон жергиликтүү маанидеги маселелерди минималдуу түрдө каржылоого эсептелинген.

ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмегин ресурстарды кошпостон кеңейте берүү салтына жана практикасына терең тынчсызданоосун билдирип жатышат. ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди финансы булактарын жана каржылоо механизмдерин бербей эле кеңейтүү практикасына тыюу салууну КР Жогорку Кеңешинен өтүнүп жатышат .

Бул Баяндама аркылуу ЖӨБ органдары башкаруунун түрдүү деңгээлдерине даректелген сунуштоолордун кеңири тизмесин беришти. Ошону менен бирге бул сунуштоолор ыкчам чараларды

да, системалуу өзгөрүүлөрдү да камтыйт. Буларды ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн маанилүү шарт – мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары Кыргыз Республикасынын жарандары кайсы жерде гана жашабасын алардын турмуш шарттарын жакшыртуу максатында чогуу иш алып барышы керек.

## Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине сунуштоолор

Ушул Баяндамада сүрөттөлгөн байкоолордун жана көйгөйлөрдүн негизинде ЖӨБ органдары КР ЖК комитеттерине ЖӨБдүн кызыкчылыктарына тиешелүү болгон мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча демилге менен чыгууну сунуш кылышат.

### КР ЖК Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Регламент боюнча комитетине:

- парламентаризмди жергиликтүү деңгээлде мындан ары да бекемдей берүү үчүн, ЖӨБ деңгээлинде өкүлчүлүктүү демократиянын туруктуулугуна жетүү үчүн жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлер үчүн билим берүү жана кесипкөй ченем-талапты жогорулатуу зарыл, муну менен жогорку билимдүү адам жергиликтүү кеңештин депутаты боло алат деп белгилеш керек;
- мыйзамдар менен депутаттардын калк алдында отчет тапшыруусуна талаптарды киргизип, өз милдеттерин аткара албаган депутаттарды чакыртып алуунун жөнөкөй жана натыйжалуу механизмин караштыруу зарыл;
- жергиликтүү кеңештердин депутаттары өздөрүнүн депутаттык милдеттерин кесипкөй аткара алышы үчүн аларды даярдоо системасын уюштуруу зарыл;
- жергиликтүү кеңештердин ишинин сапатына, анын ичинде алар кабыл алып жаткан ЧУАнын сапатына партиялык фактор тийгизген таасирди, регламенттерди жана мөөнөттөрдү сактап жатканына сапаттуу изилдөөнү уюштуруу зарыл;
- эч далилсиз, же билип туруп текшерүүчү органдарга жалган арыз берген адамдарга айып салуу менен, көзөмөлдү күчөтүү үчүн мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү керек; ЖӨБ органдарынын үстүнөн түшкөн даттанууну териштиргенден кийин ошол эле маселе боюнча же башка текшерүүчү органдардын маселеси боюнча кайра текшерүүнү болтурбай турган өзгөрүүлөрдү киргизүү зарыл;
- калкка консультациялык-укуктук жардам берүү кызмат көрсөтүүсүн (“Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иши жөнүндө” жана “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР мыйзамдары) жергиликтүү маанидеги маселелердин ичинен толугу менен чыгарып салуу же муну ЖӨБ органдарына кадрдык жана финансылык ресурс менен кошо өткөрүлүп берилчү мамлекеттик ыйгарым укуктардын категориясына которуу зарыл;
- КР Эмгек кодексине жана 2016-жылдын 30-майындагы №75 “Жарандык мамлекеттик кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” КР Мыйзамына белгиленген тартипте өзгөртүүлөрдү киргизүү абзел. ЖӨБ органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктар өткөрүлүп берилген учурда бул өзгөртүүлөр муниципалдык кызматчынын иш көлөмүн көбөйтүү жана ага кошумча акы төлөө мүмкүнчүлүгүн да караштырышы керек;
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Кодексти даярдоо ишин тездетүү зарыл. Бул Кодекс тармактык мыйзамдардагы укуктук коллизияларды жана карама каршылыктарды алып салууга жол ачат; жергиликтүү маанидеги маселелерди ирээтке келтирип, системага салат жана толук тизмени бекитет; ЖӨБ органдарынын, мамлекеттик органдардын ж.б. ыйгарым укуктарын тактап берет;
- муниципалдык менчик жөнүндө колдонуудагы мыйзам заман талаптарына канчалык шайкеш келгенин изилдеп чыгып, зарыл болсо өзгөртүүлөрдү киргизип же жаңы редакцияны кабыл алуу сунуш кылынат.

### КР ЖК Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитетине:

- КР Эмгек кодексине түзөтүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу зарыл. Бул түзөтүүлөр муниципалдык кызматчылардын өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу жөндөмдүүлүгүн материалдык жактан камсыз кылуу үчүн муниципалдык кызматчыларга кызмат орундарын айкалыштырууга уруксат бермек;
- өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн ЖӨБ органдарына келишим боюнча адистерди тартууга укук берген өзгөртүүлөрдү улуттук мыйзамдарда караштыруу зарыл;
- жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесинен үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча чаралардын комплексин жүзөгө ашыруу маселелесин алып таштап, бул кызмат көрсөтүүнү ЖӨБ органдарына тийиштүү ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү аркылуу уюштурса болот;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо маселесинде ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктар чөйрөсүн кайра карап чыгып, алар реалдуу

түрдө аткара ала турган ишти бериш керек. Мисалы, кырдаалга мониторинг жүргүзүү жана үй-бүлөдөгү зомбулукту мүмкүн болушунча эртерээк аныктоо милдетин берсе болот. Конкреттүү үй-бүлөлөр менен практикалык ишти уюштуруу милдетин мамлекет өзүнө алышы керек;
- социалдык жөлөкпулга муктаждарды ЖӨБ органдарына караштуу социалдык маселелер боюнча комиссиялар аркылуу аныктоо тартибине кайтып келип, бул үчүн аларга тийиштүү ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү зарыл.

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштоолор:

- калктын ЖӨБ органдарына ишеним индексин эсептөөнүн натыйжалуу методикасын иштеп чыгып, бул индексти эсептөө милдетин КР Улуттук статистика комитетинин (мындан ары – КР УСК) иш планына киргизүү;
- ЖӨБ органдарынын ишин баалоодо калктын ишеним деңгээлинин көрсөткүчтөрүн, анын ичинде КР Өкмөтү өткөргөн конкурстардын жыйынтыктарын кошуу;
- КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-декабрындагы №715 токтому менен бекитилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге берилүүчү трансферттердин көлөмүн эсептөөнүн убактылуу методикасын өркүндөтүү, анын ичинде ЖӨБ органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнү эсептөө механизмин кошуу зарыл.
- тийиштүү министрликтер жана ведомстволор ЖӨБ органдары менен мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө келишимдерди түзүшү керек же айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө мыйзамдардын долбоорлорун КР Өкмөтүнүн кароосуна киргизиши абзел;
- ЖӨБ органдарына берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды кошумча штаттык бирдиктердин эсебинен аткарууга мүмкүнчүлүк берүү жаатындагы чектөөлөрдү алып салуу крек. Бул чектөөлөр КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө” токтому менен киргизилген;
- республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке берилген максаттуу трансферттердин эсебинен кошумча киргизилип жаткан муниципалдык кызматчылардын (айыл өкмөтүнүн (мындан ары – АӨ), шаарлардын мэрияларынын) кызмат орундарын күтүүгө кеткен финансылык чыгашаларды камсыз кылуу;
- тийиштүү тармактык ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү ишин аягына чыгаруу зарыл;
- ЖӨБдүн аткаруу органынын кызматкерлеринин жергиликтүү маанидеги маселелер жана өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча ишинин көлөмү белгиленген штаттык бирдиктин санына канчалык шайкеш келип жатканына функционалдык анализ жасоо керек, ЖӨБ органдарына ЖӨБдүн аткаруу органынын штаттык санын өз алдынча аныктоого уруксат берген ЧУА долбоорун иштеп чыгуу зарыл;
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Кодексти даярдоо ишин тездетүү зарыл. Бул Кодекс тармактык мыйзамдардагы укуктук коллизияларды жана карама каршылыктарды алып салууга жол ачат; жергиликтүү маанидеги маселелерди ирээтке келтирип, системага салат жана толук тизмени бекитет; ЖӨБ органдарынын, мамлекеттик органдардын ж.б. ыйгарым укуктарын тактап берет;
- КР Өкмөтү менен ЖӨБ органдары ортосундагы бюджет аралык диалогдун форматын аныктап, аны тийиштүү ЧУАда бекитүү зарыл;
- ЖӨБ органдарынын жигердүү катышуусу менен (ЖӨБ Союзу аркылуу) жаңы Бюджет аралык мамилелердин Концепциясын иштеп чыгып, кабыл алуу; КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 10-мартындагы №116 токтому менен кабыл алынган буга чейинки концепция эмне үчүн аткарылбай калганына анализ жасоо зарыл;
- өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн ЖӨБдүн аткаруу органдарынын штаттык санын көбөйтүүгө киргизилген тыюуну алып салуу зарыл;
- муниципалдык жер жана кыймылсыз мүлк объекттери менен бүтүмдөр үчүн электрондук соода аянтчасын уюштуруу максатында техникалык шарттарды түзүү ишин тездетүү керек.

## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматына сунуштоолор

КР Мамлекеттик кадр кызматына жана башкаруунун бардык жогорку органдарына ЖӨБдүн аткаруу органдарынын ишине байланыштуу төмөнкү маселелерди чечүү зарылчылыгына көңүл буруу сунушталат:

- саясий себептер менен, өзгөчө ЖӨБдүн аткаруу органынын жетекчиси алмашканына байланыштуу административдик кызмат орундарын ээлеген муниципалдык кызматчыларды жумуштан бошотууга чектөөлөрдү киргизүү;
- ЖӨБдүн аткаруу органдарында гендердик теңдикке жетүү үчүн чараларды караштыруу, анын ичинде муниципалдык кызматчы аялдардын иши үчүн жагымдуу шарттарды түзгөн ЖӨБ органдарына мотивация берүү чараларын караштыруу;
- ЖӨБдүн аткаруу органдарында 28 жашка толо элек курактагы жаш кызматкерлердин муниципалдык кызматта кала берүүсү үчүн мотивация чараларын караштыруу; муниципалдык кызматта жалаң гана улуу муундун өкүлдөрү кала беришин болтурбоо;
- бош жүргөн эмес, чындап кызыкдар болгон муниципалдык кызматчыларды квалификациясын жогорулатууга жиберип турушу үчүн ЖӨБдүн аткаруу органдарынын жетекчилери үчүн мотивация берүүчү чараларды караштыруу;
- бош турган муниципалдык кызмат орундарына талапкерлер үчүн тесттердин мазмунун түп тамырынан бери карап чыгуу. Тесттеги суроолор кызмат милдеттерин аткаруу үчүн чындап зарыл болгон компетенцияларды камтышы керек; аны менен катар айрым адистер үчүн тесттерде саясий суроолордун үлүшүн азайтуу зарыл;
- бул тапшырмаларды аткаруу үчүн КР Мамлекеттик кадр кызматына караштуу биргелешкен жумушчу топту түзүү зарыл. Бул жумушчу топко кызыкдар мамлекеттик органдардын өкүлдөрү жана ЖӨБ Союзунун өкүлдөрү киришет, андан соң жумушчу топ даярдаган документти Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат боюнча кеңештин кароосуна жиберүү керек.

## Баяндаманын статусу жөнүндө маселе

Методологияга ылайык, Баяндама КР ЖКнын контролдук функцияларына, КР ЖК кабыл алган мыйзамдардын жана башка актылардын таасирине мониторинг жүргүзүү процессин камсыз кылууну гана эмес, ошону менен бирге бул мониторингдин жыйынтыктарын талкуулап, талкуудан кийин кабыл алынган чечимдерди түзөтүү үчүн жаңы шарттарды түзүү максатын көздөйт. Ошондуктан Баяндаманын статусу тууралуу маселе өзгөчө мааниге ээ болуп турат.

2019-жылы Баяндаманын идеясы жана методологиясы КР ЖКнын үч комитетинде (КР ЖК Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Регламент боюнча комитетинде; КР ЖК Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитетте; КР ЖК Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитетте) колдоо тапкан. Ал эми КР ЖК Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Регламент боюнча комитети атүгүл аны иштеп чыгуу боюнча тийиштүү жумушчу топту түзүү тууралуу чечим кабыл алган.

Мындан тышкары Баяндама иш-чаралардын бири катары Ачык Парламентти түзүү боюнча биринчи Иш-аракеттер планына кирген. Бул планды КР ЖК Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Регламент боюнча комитети 2019-жылдын 25-июнунда карап чыгып, бекиткен1.

Кийинки кадам – ушул документтин мисалында Баяндаманын методологиясын, жыйынтыктоочу тыянактарын жана сунуштоолорун талкуулап, Баяндаманын зарыл болгон атрибуттарын жана статусун ченемдик жактан бекитүү. Алар:

- мезгилдүүлүгүн, маалыматтарды чогултуу процессин, даярдоо иштерин жана талкууларды камтыган методология;
- аны тапшыруу жана КР ЖКнын түзүмдөрү менен талкуулоо тартиби;
- субъектиси жана Баяндаманы КР ЖКга берүүнүн жыйынтыгы боюнча чечимдердин формасы.

## Жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин ресурстарды бекитпестен кеңейтүү

КР Жогорку Кеңешинин мыйзам жаратуу ишине жалпысынан оң баа берилгенине карабастан, ЖӨБ органдары мыйзам жаратуудагы системалуу көйгөйгө көңүл бурушат. Бул көйгөй ЖӨБ органдарына гана эмес, ошол эле маалда жарандарга жана башкаруунун бардык тутумуна терс таасирин тийгизүүдө. Бул жерде сөз ушул функцияларды зарыл болгон ресурстарды бербестен, жергиликтүү маанидеги маселелерди эч көзөмөлсүз кеңейтүү тууралуу болуп жатат.

Кыргыз Республикасында акыркы жылдары мамлекеттик башкаруу тутумунда жарабаган практика түзүлдү – мамлекеттик органдар өз жоопкерчилигин ЖӨБ органдарына жүктөп жатышат. Көптөгөн мамлекеттик органдар, саясатчылар, атүгүл жарандык коомдун өкүлдөрү да тигил же бул тапшырманы аткаруу милдетин ЖӨБ органдарына жүктөп коюу тууралуу маселени тынбай эле көтөрүп келатышат. Эрежеге ылайык, сөз оор көйгөйлөр тууpa-

1 “Ачык Парламент” Демилгеси боюнча 2019-жылдын 29-июлунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине № 6-5069и/19 кат, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын орун басары А.Касымалиева кол койгон.

луу жүрүүдө. Бул мамлекеттик органдар узак убакыттан бери чече албай келаткан кайсы бир маселе болушу мүмкүн. Же мамлекеттик органдар кайсы бир маселени чечүүнүн жолдорун азырынча көп жакшы билбеген жаңы тапшырмалар тууралуу сөз болушу ыктымал. Мунун бир мисалы – үй-бүлөлүк зомбулук менен күрөш жана консультациялык укуктук жардам берүү. Бул кызмат көрсөтүүнү кантип уюштурарын билбеген мамлекеттик органдар жыйынтык үчүн жоопкерчиликти ЖӨБ органдарына жүктөп коюу менен чектелишти.

2018-2019-жылдары жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин кеңейтүү максатында мына ушундай ишке ашырылган жана ишке ашпай калган 9 демилге катталды (бул демилгелердин толук сүрөттөлүшүн, алардын авторлорун 2-тиркемеден таба аласыз). Бул демилгелер мындай маселелерди камтыйт:

- туризм чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашырууга көмөк көрсөтүү;
- пробация органдарына күнүмдүк иштерди жана пробациянын конкреттүү иш-чараларын аткарууга көмөк көрсөтүү;
- саламаттык сактоо программаларын ишке ашыруу үчүн шарттарды камсыз кылуу;
- балдарды мектепке чейинки билим берүүгө тартуу;
- ЖӨБ органдарынын демилгеси менен ачылган мектепке чейинки билим берүүчү уюмдардын персоналынын айлык акысын жергиликтүү бюджеттен каржылоо;
- фостердик же асырап алган үй-бүлөлөр кызмат көрсөтүүсүн уюштуруу;
- 1-4-класстын окуучуларын тамактандырууну уюштуруу процессин, анын ичинде тендер шарттарында азык-түлүктү сатып алууну көзөмөлдөө жана жөнгө салуу; окуучуларды тамактандырууну уюштуруу үчүн тийиштүү шарттарды түзүү боюнча зарыл болгон иш-чараларды өткөрүүгө, зарыл болгон шаймандар жана жабдуулар менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү; Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык органдар менен чогуу тамактандырууну уюштурууда санитардык-гигиеналык талаптардын сакталышына көзөмөл жүргүзүү;
- оор турмуштук кырдаалда турган жаштарды аныктап, аларды каттоого алуу, калкты социалдык тейлөө чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык аларга колдоо көрсөтүү үчүн чара көрүү;
- оор турмуштук кырдаалда турган үй-бүлөлөрдүн жана балдардын мамлекеттин социалдык колдоосуна муктаждык деңгээлине баштапкы баалоо жүргүзүү; бекитилген бюджеттин алкагында балдарды коргоо боюнча социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү түзүү; балдарды коргоо боюнча социалдык кызматты материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу.

Мындай кырдаалда ЖӨБ органдарын өзгөчө тынчсыздандырып, түйшөлткөн бир маселе бар: сунуш кылынган 9 демилгенин экөөндө гана ЖӨБ органдарына аткарууга сунуш кылынып жаткан жаңы функцияларды республикалык бюджеттен каржылоо маселеси каралган (1-4-класстын окуучуларын тамактандырууну уюштуруу тууралуу мыйзам долбоору жана жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин "балдарды коргоо боюнча социалдык кызмат көрсөтүү" деген маселе менен толуктоо жөнүндө мыйзам долбоору; бирок бул учурда да бюджет аралык мамилелер каралып чыгабы, кантип каралат деген суроолор жоопсуз калууда). Калган демилгенин маалым кат-негиздемеси ЧУА долбоору мамлекеттик бюджеттик каражаттан кошумча каржылоону талап кылбайт деген стандарттык сүйлөмдү камтыйт.

Демек, мамлекеттик бюджеттен бир сом чыгарбай эле, мамлекеттик органдардын жоопкерчилигин ЖӨБ органдарына тынбай эле жүктөй берсе болот дегендей маанай түзүлүүдө. Анда суроо жаралат: ЖӨБ органдары функциялар улам кошулуп турган тизмени кайсы каражаттын эсебинен аткарышы керек? Эгерде ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги ондогон жаңы маселелерди жергиликтүү бюджеттен каржылай баштаса, анда буга чейин жүктөлгөн функцияларды каржылоого каражат жетпей калат. ЖӨБ органдары жергиликтүү жолдорду күтүү, суу менен жабдуу, канализация, катуу тиричилик калдыктарын башкаруу, мектептерди жана бала бакчаларды күтүү, жергиликтүү маданиятты жана спортту өнүктүрүү ж.б. ушул өңдүү маселелерди да чечиши керек. Бул тенденция бир нерсени ырастап турат: демилгечилер мамлекеттик функцияларды каржылоо механизмдерин түшүнүшпөйт, себеби ар бир башкаруучулук функцияны аткаруу финансылык жана кадрдык камсыздоону талап кылат эмеспи. Буга ылайык, кайсы бир функциянын аткарылышы үчүн жоопкерчиликти ресурстар менен камсыз кылбастан башкаруунун башка органына жүктөп жатканда бул функция аткарылбай турганын же аткаруучунун тизмесинде формалдуу бойдон каларын демилгечи түшүнүшү керек. Натыйжада баары утулат: демилгечилер, себеби алар күтүлүп жаткан жыйынтыкка жете алышпайт; ЖӨБ органдары, себеби алар дагы бир бюрократиялык милдеттенмени жана оор финансылык жүктү алышат; жарандар, себеби алардын маселеси чечилбеген бойдон калат.

ЖӨБ органдары "жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин кеңейтүүнүн демилгечилери жергиликтүү бюджетти жалпы мамлекеттик бюджеттин бир бөлүгү катары карабайт окшойт, жергиликтүү бюджеттер Кыргыз Республикасынын салыктык жана салыктык эмес киреше тутумуна байланбаган, кандайдыр бир өзгөчө жол менен каржыланат деп ойлойт окшойт" деген тыянакка келишүүдө. Чындыгында жергиликтүү

бюджеттер республиканын бириктирилген бюджетинин бир бөлүгү. Ошондуктан бир принцип бузулбашы керек: функция берилген соң акча кошо бөлүнүшү керек, мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын ортосунда функциялар бөлүштүрүлгөн учурда бюджет аралык мамилелер да өзгөрүп, бюджеттер ортосундагы кирешелер кайры бөлүштүрүлүп чыгууга тийиш. Ошондуктан жүйөлүү ой жана КР Конституциясы боюнча мындай демилгелерге берилген маалым катнегиздемеде функцияларды аткаруунун баасы жана аны каржылоонун булактары көрсөтүлүшү керек. Ал эми жергиликтүү бюджеттер жаңы же кошумча эмес, учурда бар болгон жергиликтүү маанидеги маселелерди минималдуу түрдө каржылоого эсептелинген.

ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмегин ресурстарды кошпостон кеңейте берүү салтына жана практикасына терең тынчсызданусун билдирип жатышат. ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди финансы булактарын жана каржылоо механизмдерин бербей эле кеңейтүү практикасына тыюу салууну КР Жогорку Кеңешинен өтүнүп жатышат.

# ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттардын абалына жана өнүгүүсүнө олуттуу таасирин тийгизген мыйзамдардын тизмеси, 2016-2018-жылдар

| № | Мыйзамдын аталышы | Жалпы пикирлер | Оң таасири | Терс таасири | Оң таасири, сурамжылоого катышкандардын жалпы санына карата % менен | Терс таасири, сурамжылоого катышкандардын жалпы санына карата % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2016-жылдын 21-январындагы №8 «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" КР Мыйзамы | 38 | 25 | 13 | 66 | 34 |
| 2 | 2016-жылдын 31-мартындагы №32 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" КР Мыйзмы | 35 | 28 | 7 | 80 | 20 |
| 3 | 2016-жылдын 21-апрелиндеги №48 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу" КР Мыйзамы | 38 | 20 | 18 | 53 | 47 |
| 4 | 2016-жылдын 12-декабрындагы №196 "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына («Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө», «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" КР Мыйзамы | 36 | 14 | 22 | 39 | 61 |
| 5 | 2016-жылдын 28-декабрындагы №218 "Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамы | 36 | 23 | 13 | 64 | 36 |
| 6 | 2017-жылдын 20-июлундагы №130 "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына («Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" КР Мыйзамы | 34 | 27 | 7 | 79 | 21 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 7 | 2016-жылдын 30-майындагы №75 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” КР Мыйзамы (2017-жылдын 28-июлундагы №162 КР Мыйзамынын редакциясына ылайык) | 37 | 24 | 13 | 65 | 35 |
| 8 | 2018-жылдын 27-январындагы № 16 “«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамы | 36 | 33 | 3 | 92 | 8 |
| 9 | 2016-жылдын 16-майындагы № 59 КР Бюджеттик кодекси | 35 | 22 | 13 | 63 | 37 |
| 10 | 2017-жылдын 30-майындагы № 93 “«Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамы | 38 | 21 | 17 | 55 | 45 |
| 11 | 2018-жылдын 18-июлундагы№ 69 “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамы | 41 | 28 | 13 | 68 | 32 |
| 12 | 2018-жылдын 10-августундагы №90 Кыргыз Республикасынын салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодекси | 34 | 24 | 10 | 71 | 29 |
| 13 | 2016-жылдын 7-майындагы № 56 “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө», «Жайыттар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамы | 37 | 24 | 13 | 65 | 35 |
| 14 | 2018-жылдын 2-августундагы № 79 “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына («Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө», «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамы | 35 | 25 | 10 | 71 | 29 |
| 15 | 2016-жылдын 6-июлундагы №99 “Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү чөйрөсүндө айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамы (2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 КР Мыйзамынын редакциясында) | 34 | 19 | 15 | 56 | 44 |
| 16 | 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” КР Мыйзамы | 32 | 14 | 18 | 44 | 56 |
| 17 | 2017-жылдын 27-апрелиндеги №64 “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамы | 33 | 11 | 22 | 33 | 67 |
| 18 | 2017-жылдын 28-июлундагы №163 “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” КР Мыйзамы (КР 2017-жылдын 28-декабрындагы №222 (27), 2018-жылдын 30-мартындагы №33, 2019-жылдын 24-январындагы №18) | 26 | 11 | 15 | 42 | 58 |

**Бул Баяндама “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгаруу чечимдерине мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн, бул чечимдердин сапатын жакшыртуунун аспабы катары жергиликтүү жамааттардын өнүгүүсүнө жана жергиликтүү деңгээлде парламенттик демократиянын өнүгүүсүнө мыйзамдардын тийгизген таасири тууралуу жылдык Баяндама” аттуу Долбоордун алкагында чыкты. Аталган Долбоорду “Парламенттик демократияны күчөтүү” Долбоорунун (ПРООНҢ SDC) финансылык колдоосу менен, “Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзу” ЮЖБ жана “Өнүктүрүү саясат институту” Мекемеси чогуу ишке ашырууда.**

**Отчеттун басылган нускасын алуу, Жергиликтүү өз алдынча башкаруу союзун почта msukg@mail.ru байланыш.**